**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

предмети боюнча окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдары үчүн

# ОКУУ ПРОГРАММАСЫ

V – XI КЛАСС

**Бишкек – 2023**

Кыргыз Республикасынын окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын V – XI класстары үчүн кыргыз тили боюнча программа – Бишкек, 2023-жыл.

**Түзүүчүлөр:**


**Рысбаев С.,** педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери
**Эсеналиева К.Э.,** педагогика илимдеринин кандидаты, профессор, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун филологиялык билим берүү кафедрасынын башчысы
**Оморова А.А.,** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун улук окутуучусу
**Батыркулова А.**, педагогика илимдеринин кандидаты, КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы


**Рецензенттер:**


**Сарылбекова З.,** педагогика илимдеринин кандидаты, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин окутуучусу
**Саадатбек к.,** Бишкек шаарындагы №12 мектеп-гимназия окуу-тарбиялоо комплексинин кыргыз тили мугалими.


Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн кыргыз тили окуу боюнча предметтик стандартына ылайык Кыргыз тили окуу программасы иштелип чыкты.

Аталган программа 5-11-класстар үчүн кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун календардлык-тематикалык планын түзүүгө, окуу китептерин жана окуу-методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

МАЗМУНУ

1. Түшүндүрмө кат

1.1. Концептуалдык бөлүк (окуу планындагы предметтин орду, предметтин берилишинин логикасы, максаттары жана милдеттери, сааттарды бөлүштүрүү

1.2. Негизги компетенттүүлүктөр

1.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

1.4. Универсалдуу көндүмдөрдүн сүрөттөлүшү, 4К компетенттүүлүктөр (чыгармачылык, критикалык ой жүгүртүү, кызматташуу жана баарлашуу), глобалдык компетенциялар, окутуу процессинде калыптанган катуу жана жумшак көндүмдөр

2. Предметтин мазмуну: класстар боюнча тематикалык пландаштыруу

3. Күтүлүүчү натыйжалар

4. Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо:

4.1. Баалоонун формалары

4.2. Деңгээлдик баалоо

5. Окутуунун негизги методдору жана технологиялары

6. Колдонулган адабияттар

## ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Программанын негизинде мугалимдер календарлык-тематикалык пландарды түзөт, ошондой эле окуу-методикалык комплекстерин иштеп чыгууда колдонулат.

Бул программа “Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүүнүн концепциясынын” негизинде жана КРнын “Билим берүү жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамдарынын беренелерин эске алуу менен түзүлдү.

Бул документ предметтик стандарттын талаптары боюнча кыргыз тилин экинчи тил катары окутууга коммуникативдик мамилеге өтүүнү сунуштагандыктан, орус, өзбек, тажик тилдеринде окутулган мектептердин практик мугалимдерине, предметтик стандарт боюнча окуу китептерин, методикалык колдонмолорду түзүүчүлөргө арналат.

Кыргыз тилин үйрөтүүнү өркүндөтүү концепциясында “кыргыз тилин окутуунун негизги максаты – күндөлүк турмуш-тиричиликтин түрдүү чөйрөсүндө жана турмуштук түрдүү кырдаалдарда кыргыз тилинде эркин сүйлөшө билүү менен сабаттуу жазуу көндүмдөрүнө ээ кылуу” деп айтылат. Программада кыргыз тилин окутуунун принциптери, максат, милдеттери так айырмаланып көрсөтүлөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык (1-берене) кыргыз тили Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болуп саналат.

Ошондой эле “Мамлекет ар бир жарандын мектепке чейинки билим берүү мекемелеринен тарта негизги жалпы билим берүү мекемелерине чейин мамлекеттик, расмий жана эл аралык тилдердин бирин үйрөнүшү үчүн шарттарды түзөт” (6-берене).

### 1.1. Предметтин концепциясы

**5 – 9-класстарда кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун**

**максаты:**

5–9-класстардын окуучуларын *негизги жалпы модель* боюнча турмуш-тиричиликтин ар түрдүү чөйрөсүндө, кырдаалдарда, деңгээлдерге (А2+, В1) ылайык кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) калыптандыруу аркылуу реалдуу баарлашуу процессине жакындаштырып окутуу.

**10 – 11-класстарда кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун максаты:**

10-11-класстарда *жалпы орто модель* боюнча деңгээлдерге (В1, В1+) ылайык кыргыз тилин окутуунун **максаты** – мурунку класстарда ээ болгон тилдик жана кептик көндүмдөрүн бышыкталып, турмуштук кырдаалдарда туура колдонуу талап кылынат. Жогорку класстарда да кенже жана ортоңку класстардагыдай эле, кеп ишмердүүлүгүнүн төрт түрүн – угуу, сүйлөө, окуу, жазуу көндүмдөрүн өздөштүрүү улантылат. Мектеп бүтүрүүчүлөрү табигый шарттарда кыргыз тилинде ээн-эркин баарлашуусу, сабаттуу жазуусу, кептик байланыштын конкреттүү чөйрөлөрүндө өз оюн кыйналбай билдире алуусу күтүлөт.

**5 – 11-класстарда кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун милдеттери**:

- Түрдүү *чөйрөлөрдө* (өздүк, окуу-таануу, эмгек-кесип, социалдык-маданий) жана турмуштук *кырдаалдарда,* берилген *тематикалык* мазмунга ылайык окуучулардын *кеп ишмердүүлүгүнүн* бардык түрлөрүн (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) калыптандырат;
- Лексика менен грамматиканы функционалдуу окутат, тексттер менен иштөөдө кептин түрлөрүн (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү), кептин стилдерин (оозеки, көркөм, илимий, публицистикалык, расмий-иштиктүү), тексттердин формаларын (туташ, туташ эмес, аралаш, курама) эске алып, маалымат менен иштөө билимдерин, билгиликтерин, көндүмдөрүн өнүктүрөт.
- Тил үйрөтүү аркылуу өлкөнүн маданият, искусство, тарых, адабият, каада-салт баалуулуктарын окутуп-үйрөтөт, сабырдуулукка, толеранттуулукка, патриоттуулукка тарбиялайт.

### 1.2. Негизги компетенттүүлүктөр

Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты жалпы мектептик билим берүү системасы үчүн төмөнкүдөй негизги компетенттүүлүктү аныктайт:

1. **Маалыматтык компетенттүүлүк** – бул окуучулардын маалыматты өз алдынча издөөгө, талдоого, тандоого, иштеп чыгууга, анын аныктыгын тактоого, жүйөлүү тыянактарды түзүүгө, сын көз караш менен түшүнүүгө жана өз ишин пландаштыруу жана ишке ашыруу боюнча негизделген чечимдерди кабыл алууга даярдыгы жана жөндөмдүүлүгү, керектүү маалыматты алып, аны оозеки жана жазуу формасында, анын ичинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен берип, көйгөйлөрдү чечүү үчүн диалог түзүү жөндөмдүүлүгү;
2. **Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк** – өзүнүн умтулуусун башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен туура келтирүүгө, ар түрдүү позицияларды таануу менен башка адамдардын баалуулуктарына (маданий, диний, этностук, гендердик, кесиптик, инсандык) сый мамиле жасоонун негизинде өзүнүн көз карашын коргой билүүгө даярдыгы; негизги демократиялык жана жарандык укуктарды жана эркиндиктерди түшүнүү жана кабыл алуу, Мекенди сүйүү, улуттук каада-салтты урматтоо, Кыргызстандын маданий мурасына жана жаратылыш байлыктарына аяр мамиле кылуу; маданий көп түрдүүлүктү түшүнүү жана Кыргыз жараны жалпы жарандык окшоштуулукту түзүү;
3. **Өзүн-өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү** – өзүнүн потенциалдуу жана актуалдуу касиеттерин, инсандык, жеке

өзгөчөлүктөрүн, башка адамдар менен болгон өзүнүн мамилелерин билүү, жекече психологиялык жана жүрүм-турумдук мүнөздөмөлөрүн өзгөртүү боюнча максаттуу багытталган ишке жөндөмдүүлүгү, келечектеги кесиптик ишин тандоо үчүн маалыматтагы, окуу жана турмуштук кырдаалдардагы көйгөйлөрдү жана карама-каршылыктарды табуу жөндөмдүүлүгү, сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн жана изилдөөчүлүк, чыгармачыл, долбоордук иштерди аткаруу үчүн талдоону колдонуу менен аларды чечүүнү иландаштыруу жана өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүү менен чечүү.

### 1.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

Окутуунун практикалык негизин компетенттүүлүк мамиле аныктайт, аны ишке ашыруу негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү өз ара байланышта калыптандырууга багытталат. Мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык, “Филологиялык" билим берүү чөйрөсү окуучулардын кептик, тилдик жана социомаданий компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган.

Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөнүүдө окуучулар ээ болуучу төмөндөгүдөй предметтик компетенттүүлүктөр көрсөтүлгөн:

**ПК 1. Кептик (коммуникативдик) компетенттүүлүктөр:**

Ар түрдүү чөйрөдө, кырдаалдарда кеп ишмердүүлүктүн (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) түрлөрүн тил билүүнүн тиешелүү деңгээлине ылайык өздөштүрүп, тексттин жанрына, кептин стилдерине, тексттин түрлөрүнө жараша кыргызча баарлаша билүү.

**ПК2. Тилдик (лингвистикалык) компетенттүүлүктөр:**

Кыргыз тилинин фонетикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрүн билүү, кыргыз адабий тилинин, жазуу эрежелеринин нормасында жазып жана сүйлөй билүү, кыргыз тилинин тилдик кору, сөздүк курамы жөнүндө минимумдарга, сүйлөө маданиятына ээ болуу, сөздүктөр менен иштей билүү жана иш кагаздарын кыргызча түзө алуу, ж.б.

**ПК3. Социомаданий компетенттүүлүктөр:**

Тил аркылуу улутту жана улуттук маданий баалуулуктарды, мамлекеттин географиясын, тарыхын таануу, адабий казынасын окуп-үйрөнүү, ал аркылуу элдик салт-санаа, улуттук майрамдарды үйрөнүү жана сыйлоого калыптандыруу.

Предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу Мамлекеттик стандартта аныкталган үч деңгээлде каралат:

- Биринчи деңгээл (репродуктивдүү) окуучулардын үлгү (иш-аракетти аткаруунун сунушталган алгоритми) боюнча иштөө көндүмү менен сыпатталат;
- Экинчи деңгээл (продуктивдүү) курамы боюнча жөнөкөй ишмердүүлүктү аткаруу, өздөштүрүлгөн алгоритмди башка кырдаалда колдонуу жөндөмүн сыпаттайт;
- Үчүнчү деңгээл (креативдүү) татаал курамдуу ишмердүүлүктү өз алдынча конструкциялоо жана аны негиздөө элементтери менен ишке ашыруу болуп эсептелет. PISAнын талабы боюнча, окуучулардын функционалдуу сабаттуулугун жөнгө салуучу деңгээлинде көйгөйлөрдү чече билүү жөндөмдөрү, глобалдуу компетенциялар, креативдүү ой жүгүртүү, окуучулардын маалымат менен иштөө **компетенттүүлүктөрү** каралат. Текст менен иштөө көндүмдөрүндө маалыматты табуу жана керектүүсүн бөлүп алуу, аңдап билүү, интерпретациялоо, тыянак чыгаруу жана баа берүү, ж.б. текшерилет.

## 1.4. Универсалдуу көндүмдөрдүн сүрөттөлүшү, 4к компетенттүүлүктөр (чыгармачылык, сынчыл ой жүгүртүү, кызматташуу жана баарлашуу), глобалдык компетенциялар, окутуу процессинде калыптанган катуу жана жумшак көндүмдөр

**1. Окурмандык сабаттуулук – контексттер, кырдаалдарды - угуп түшүнүү, сүйлөп түшүндүрүү, окуп түшүнүү жана оюн жазып түшүндүрүү көндүмдөрү**

**Окуу сабаттуулугу – алдыга коюлган максаттарга жетүү, билим деңгээлин жогорулатуу, мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, социалдык жашоо-турмушка аралашуу үчүн окуу менен алектенүү, жазуу жүзүндөгү тексттерди түшүнүү жана аларды пайдалануу жөндөмү.**

Маалыматты табуу жана алып чыгуу;
Тексттин формалары, түрлөрү, стилдери, жанрлары
Маалыматты интеграциялоо жана интерпретациялоо;
Уккан, окуган тексттин мазмуну жана формасы боюнча ой жүгүртүү жана баалоо
Тексттен маалыматты пайдалануу

**2. Математикалык сабаттуулугу**

Математикалык сабаттуулугу – математиканы ар түрдүү контексттерде интерпретациялоо, колдонуу жана иретке келтирүү жөндөмү. Математикалык сабаттуулук кубулуштарды сүрөттөп, түшүндүрүп айтып берүү үчүн математикалык талкууну, математикалык түшүнүктөрдү, процедураларды, фактыларды жана аспаптарды колдонууну камтыйт. Ал математиканын дүйнөдөгү ролун түшүнүүгө, негиздүү пикирлерди келтирүүгө жана конструктивдүү, жигердүү, кеңири ой жүгүрткөн адамдар кабыл ала турган чечимдерге келүүгө көмөк көрсөтөт. Математика жана реалдуу көйгөйдүн негизинде жыйынтыктарды калыпка салуу, колдонуу, интерпретациялоо жана баалоо.

**3. Табигый жана так илимдер боюнча сабаттуулугу**

Табигый илимдерге байланыштуу маселелерде активдүү жарандык позицияны ээлөө жөндөмү. Ошондой эле табигый жана так илимдер боюнча идеяларга кызыгууга даярдайт. Табигый илимдер боюнча сабаттуу адам табигый илимдер жана технологияларга тиешелүү маселелерди далилдер менен талкуулоого умтулат; мында төмөнкү компетенттүүлүктөр талап кылынат: кубулушту илимий жол аркылуу түшүнүдүрүү, баалоо жана илимий изилдөөлөрдү пландаштыруу, маалыматтарды жана далилдерди илимий түрдө интерпретациялоо.
Илимий түшүндүрмө берүү. Изилдөө ыкмаларын колдонуу. Маалыматтарды интерпретациялоо, тыянак чыгаруу

• **Контексттер**

Илим жана технология жаатында маселелерди түшүнүүнү талап кылган азыркы жана тарыхый өңүттөгү жеке, жергиликтүү (улуттук) жана глобалдык көйгөйлөр.

• **Компетенциялар**

Кубулушту илимий жол аркылуу түшүндүрүп берүү жөндөмү, табигый-так илимдер боюнча изилдөөлөр ыкмасын колдонуу, натыйжаларга ээ болуу үчүн маалыматтарды интерпретациялоо жана илимий далилдерди пайдалануу.

• **Мамиле**

Илимге жана технологияга болгон кызыгуу, маселени илимий түрдө изилдөөнүн баалуулуктарын түшүнүү (зарыл болгон жерде), курчап турган чөйрөдөгү көйгөйлөрдөн кабардар болуу жана аларды чечүүнүн маанисин түшүнүү аркылуу мүнөздөлгөн мамиле.

• **Билим**

Илимий билимдин пайдубалын түптөгөн негизги фактыларды, идеяларды жана теорияларды түшүнүү. Бул жаратылыш жана технология (анын маанисин) жөнүндө, илимий билимге ээ болуу ыкмалары, б.а. процедуралар жөнүндө, аталган процедураларды колдонуунун негиздүүлүгүн түшүнүү (методологиялык билим) боюнча билимди камтыйт.

4. **Маалыматтык (медиасабаттуулук) коммуникативдик технология боюнча сабаттуулугу**

Фейк маалымат менен так жана ишенимдүү маалыматтарды айырмалай алат, Маалыматтын коопсуздук жана ишенимдүүлүк критерийлерине жооп берүүчү медиатексттерди ар кандай түрдө жана формада пайдаланат жана өзү түзө алат. Кибербуллингге жана башка маалыматтык коркунучтарга каршы тура алуу.

5. **Финансылык сабаттуулугу**

Финансылык сабаттуулук — финансы чөйрөсүнө тиешелүү терминдерди, түшүнүктөрдү, финансылык тобокелчиликтерди билүү жана түшүнүү, ошондой эле ар кандай финансылык кырдаалдарда зарыл болгон ыкманы жана өзүнө болгон ишенимди арттыруу жөндөмү. Булар жеке адамдын жана коомдун финансылык жыргалчылыгын жакшыртууга, экономикалык жашоо-турмушка катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болууга түрткү берет.

► базалык финансылык сабаттуулугун калыптандыруу
► акча каражатын ылайыктуу бөлүштүрүүнү үйрөтүү
► эмгек менен анын наркынын байланышын түшүндүрүү
► жеке бюджети жана планы менен тааныштыруу
► жеке финансылык максаттарына жетүү үчүн аң-сезимдүү тандоо жасоого үйрөтүү

**Глобалдык компетенттүүлүктөр**

Индивидуумдун, социумдун дүйнөсү, билим берүү жана илим,
ден соолук, ресурстар, курчап турган чөйрө, илим жана технологиянын байланышы

**4к компетенттүүлүктөр** – адамга/окуучуга ар кандай чөйрөдө ийгиликтүү иштөөгө жардам берген төрт негизги көндүмдөрдүн тутуму (чыгармачылык, сынчыл ой жүгүртүү, кызматташуу жана коммуникация).

**1. Сынчыл ой жүгүртүү** – маалыматтардын агымын туура тандай алат, себеп-натыйжа байланыштарын көрө алат, керексиздерин алып салып, жыйынтык жасай алат.

**2. Креативдүүлүк (чыгармачылык)** – кырдаалды ар тараптан баалоо, адаттан тыш чечимдерди кабыл алуу жана өзгөрүлүп жаткан жагдайларда өзүн ишенимдүү сезүү.

Белгилүү бир маселенин принципиалдуу жаңы же жакшыртылган чечиминин келип чыгышына алып келген ой жүгүртүү. (*Линдсей Г., Халл К., Томпсон Р. Чыгармачыл жана сынчыл ой жүгүртүү)*

Бир караганда эч кандай байланышы жоктой көрүнгөн идеялар менен окуялардын ортосундагы байланышты камсыздоо процесси.

*Гудвин Дж. Психологияда изилдөө:* ыкмалар жана пландаштыруу[1].

**3. Коммуникативдүүлүк –** баарлашуу**,** сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана байланыш түзүү, маектешти угуу жана өз көз карашын жеткире билүү.

**4. Кызматташуу (**кооперация) – башка адамдар менен натыйжалуу өз ара биргелешип аракеттенүү, ар кандай командаларда иштөө, жалпы максатты жана ага жетүү жолдорун аныктоо, ролдорду бөлүштүрүү жана натыйжаны баалоо.

Ар бир тармак боюнча функционалдык сабаттуулукту баалоонун бардык мазмундук жана компетенттүүлүк аспектилерин эске алган билим берүүчү жана машыктыруучу-симулятордук тапшырмаларды камтыйт. Тапшырмаларды баалоонун өзгөчөлүктөрүнүн кеңири түшүндүрмөсү, тапшырмалар системасын колдонуу жана аларга баа берүү боюнча сунуштар берилген. Бардык тапшырмалар реалдуу турмуштук кырдаалдарга негизделген.

Бул колдонмолорду педагогдор билим берүү максатында сабактарда жана сабактардан тышкары ишмердиктеринде пайдалана алышат, ошондой эле функционалдуу сабаттуулук боюнча мектептин ичинде уюштурулуучу мониторингдерди жүргүзүү үчүн мектеп администрациясына да сунушталат.[2]

## II. Предметтин мазмуну: класстар боюнча тематикалык пландаштыруу

## Предметтин мазмуну

### Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык линиялар

Сабактын элементи катары предмет аралык байланыштарды мугалимдер башка предметтерден алынган билимди пайдалануу талап кылына турган тийиштүү таанымдык милдет аткарылууга тийиш болгон иштин ар кайсы баскычында колдонсо болот.

| | Билим берүү чөйрөлөрү | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **1. Филологиялык** | **2. Социалдык** | **3. Матема-тикалык** | **4.Табигый илимдер** | **5.Искусство жана технологиялар;** | **6. Ден соолук маданияты** |

[1] © АО «Издательство «Просвещение», 2022
[2] © АО «Издательство «Просвещение», 2022

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Тилдик компетенттүүлүк-төрдү калыптандыруу макатында эне тили, экинчи тил, чет тилдер жана искусство, сүрөт, көркөм өнөр жана адабий чыгармаларды байланыштыруу менен окуучулар - угуу, сүйлөө, окуу, жазуу кеп ишмердиктери боюнча өз оюн интерпретациялоого, түшүндүрүп берүүгө багыттоочу тексттер камтылат. | 5 – 11-класстарда өлкөнүн тарыхы, адам менен коомдун ортосундагы карым-катнаш тууралуу темалардын тегерегинде сүйлөшүү, оозеки жана жазуу кебин өстүрүү каралган. Окуучуларга Кыргызстандын өзгөчөлүктөрү тууралуу негизги маалыматтарды камтыган тексттер сунуш кылынат | Кыргыз тили сабагында белгилүү математиктер жөнүндө тексттер окутулат, математикалык тапшырмалар түрүндөгү көнүгүүлөр аткарылат, диалогдор сунушталат | Жаратылыштын кубулуштары, климаттын өзгөрүшү, айлана-чөйрөдө болуп жаткан табигаттын мыйзам ченемдүүлүктө-рүнө байланыштуу коркунучтарды, табигый-илимий көп түрдүү касиеттерди, жандуу, жансыз организмдер жөнүндөгү көрүнүштөрдү жана ресурстарды үнөмдөөчү жүрүм-турумдарды камтыган, аларды түшүнүүгө өбөлгө түзүүчү тексттер сунушталат. | Окуучуларга эң жөнөкөй элементардык деңгээлдеги көркөм - прикладдык чыгармачылык чөйрө,энергия-ны,материалды, маалыматты трансформация-лоо, долбоорлоо, пландаштыруу, өндүрүштүк, технологиялык маселелерди чыгармачылык менен чечүү, баалоо тууралуу идеялар жана көркөм сүрөт, музыка, кино ж.б. искусство чыгармаларынын түрлөрүн уктуруу, улуттук аспаптар, комузчулар жөнүндө сүйлөшүүгө кызыктуу тексттер тандалып, сунушталат. | Окуучулар өзүнүн жашоо турмушунда ден соолугуна кам көрүп, өз коопсуздугун сактоо жана коргонуунун физикалык, эмоциялык жана социалдык, гигиеналык жүрүм-турум саламаттыгын чындоо маданиятынын негиздерин өздөштүрүүнү калыптандыруучу тексттер менен иштөө аркылуу камсыздалат. |

## 5. Кыргыз тилин окутуунун технологиясындагы коммуникативдик-функционалдык мамиле

Сунушталып жаткан программанын принципиалдуу өзгөчөлүгү алардагы материалдардын практикалык багыты болуп саналат. Окуучуларга кандайдыр бир теманын алкагында баарлашуу мүмкүнчүлүгү түзүлүп, тилди кадимки жашоо шарттарында колдоно тургандай окуу кырдаалдары жаратылышы керек. Эң негизгиси, тил баарлашуунун каражаты катары колдонулушу зарыл.

Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүдө коюлуучу талаптар мамлекеттик тилдин кулач жайышын, рухий беделинин көтөрүлүшүн камсыз кылат. Кыргыз тили республикада жашап жаткан түрдүү улуттардын өкүлдөрүнүн арасында рухий көпүрө болуп, аларды бириктирүүчү каражат деңгээлине жетишет, акырында, кыргыз элинин байыртадан берки рухий казынасынын, тарыхынын, дилинин өлбөстүгүн далилдейт.

Мектеп окуучусунда **кыргыз тилин үйрөнүүгө жана сүйлөөгө болгон ички зарылдыктын, каалоо сезиминин, ички керектөөсүнүн** (мотивация) пайда болуусуна, инсандык мамилелерге, жазуу жана оозеки коммуникацияга карата ички даярдыгынын

жаралышына (интенция) өбөлгөлөр түзүлүшү керек.

**Кыргыз тилинде сүйлөөгө болгон турмуштук жандуу практиканын болушу, класстагы ар бир сабакта мугалим менен окуучу кыргыз тилинде гана баарлашуусу, сабактын түздөн-түз кыргыз тилинде гана жүрүүсү абдан зарыл.**

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда коммуникативдик-функционалдык мамиле менен окутуу үчүн мугалим төмөнкү **усулдук милдеттерди аткарат**:

1. **Тил үйрөнүү процессинде өнөктөштүктү, өз-ара аракеттенүүнү ишке ашыруу милдети;** Мында өз ара аракеттенүүнүн куралы тил болуп саналат. Кыргыз тилин окуп-үйрөнүү үчүн кыргыз тили каражат болот, б.а. сабак кыргыз тилинде жүргүзүлөт.
2. **Күнүмдүк жашоо турмушта кыргыз тилинде баарлашуу зарылчылыгы келип чыккан учурдагы конкреттүү кырдаалдарга кызмат кылган (функционалдык грамматиканы) тилдик керектүү (эреже-грамматиканы) материалды берүү милдети**
3. **Кептик (коммуникативдик) кырдаалды түзүүгө жардам бере турган материалды тандоо милдети**. Ал сабактагы кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө шыктандырып, жаңылап туруш керек.

Ушундай талаптар менен катар, кыргыз тилин натыйжалуу үйрөтүүдө төмөнкү илимий-педагогикалык зарыл шарттар эске алынышы керек:

- кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда коммуникативдик принциптерди жетекчиликке алуу;
- кыргыз тили сабагынын максаттарын так аныктоо;
- кыргыз тилин үйрөтүү методдорун туура тандоо;
- кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу боюнча предметтик стандартка жана программага негизделген сапаттуу окуу китептерин түзүү, усулдук жана дидактикалык адабияттарды тандоо.

Окуучулардын кебин максаттуу өстүрүү үчүн төмөнкү сүйлөшүү чөйрөлөрү сунушталат:

- **Өздүк чөйрө (баланын жекече чөйрөсү; күнүмдүк тиричилик чөйрөсү)**
- **Социалдык-маданий чөйрө (жүрүм-турум, адеп; экологиялык чөйрө)**
- **Окуу-таануу чөйрөсү (окуу-таануучулук чөйрөсү)**
- **Эмгек-кесип чөйрөсү (баланын кызыгуулары)**

**Өздүк чөйрө (баланын жекече чөйрөсү; күнүмдүк тиричилик чөйрөсү). Бул чөйрөнүн мазмунун төмөнкү окуу материалдары түзөт:** үй-бүлөдөгү жана достор арасындагы өз ара мамилелер; бөлмө, жекече буюмдар, үй дареги; бир туугандар жөнүндө камкордук, ата-энелерге жардам; сырткы келбети; окуучулардын шаардык/ айылдык жашоо чөйрөсү; соода-сатык; ден соолук жана жеке гигиена; адамдын сырткы келбети жана мүнөздөмөсү; чөнтөк акчалар; сергек жашоо; уюлдук телефон менен сүйлөшүү; мектептеги, үй-бүлөдөгү жана достор арасындагы инсандык өз ара мамилелер; үй-бүлөдөгү милдеттерди бөлүштүрүү; үй-бүлө кирешеси; туугандар арасындагы байланыш, үй-бүлөдөгү баарлашуу; үй-бүлөлүк салттар; үй-бүлөлүк баалуулуктар; бата.

**Социалдык-маданий чөйрө (жүрүм-турум, адеп; экологиялык чөйрө)**

**Бул чөйрөнүн мазмунун төмөнкү окуу материалдары түзөт:** ата-энелерди сыйлоо, улууларга сылык мамиле жасоо, кичүүлөрдү колдоо; каникулду жылдын ар кайсы мезгилинде өткөрүү; кийим адеби, коомдук жерлерде өзүн алып жүрүүнүн адеби, телефон менен сүйлөшүү адеби; айлана-чөйрөнү коргоо; Ата мекен; географиялык абалы, климаты, аба-ырайы, борбору, тарыхый жерлери; бош убакыт жана кызыгуулар (спорт, музыка, киного \ театрга баруу, дискотекалар, кафе); жаштар модасы; өз өлкөсү, кошуна өлкөлөр жана чет өлкөлөр, алардын маданий өзгөчөлүктөрү (улуттук майрамдар, белгилүү даталар, салттар); Кыргызстан боюнча саякат; белгилүү адамдар, алардын илимге жана дүйнөлүк маданиятка кошкон салымы; жаратылыш жана экология көйгөйлөрү; Ала-Тоо жергеси, анын жаратылышы, жыл

мезгилдери, тоолору, көлдөрү, жаныбарлар, канаттуулар, үй жана жапайы жаныбарлар; баарлашууда калтырган алгачкы таасир; эркиндик жана жоопкерчилик; жаштардын кызыгуулары; адамга өз мекенинин маанилүүлүгү; шаардагы жана айылдагы жашоо; шаардагы жана айылдагы жаштардын бош убактысы; шаардагы жана айылдагы жашоонун артыкчылыктары; досуңа / курбуңа тартуулаган белектин маанилүүлүгү; өзүн социалдык чөйрөдө алып жүрө алуусу.

**Окуу-таануу чөйрөсү (окуу-таануучулук чөйрөсү) Бул чөйрөнүн мазмунун төмөнкү окуу материалдары түзөт:** мамлекеттик тилдин ролу; мектеп жана мектептеги жашоо; окутулган предметтер жана аларга мамиле; Ата мекен, улуттук баатырлар, Манас, кыргыз эли, кыргыз жери, белгилүү инсандар, Кыргызстандагы бөлөк улуттардын өкүлдөрү; мектептеги билим берүү; мектептеги жашоо: мектептеги жүрүм-турум, коомдук жашоого катышуу;

**Эмгек жана кесип чөйрөсү (баланын кызыгуулары) Бул чөйрөнүн мазмунун төмөнкү окуу материалдары түзөт:** кесип тандоо маселелери; массалык маалымат каражаттары (пресса, телевидение, үналгы, телефон, интернет); адамдын мүнөзү жана кесип; адамды урматтоо, сыйлоо; кызыгуулар; адабият; театр; кино; музыка; спорт; биздин учурдун актуалдуу маселелери; демократиянын артыкчылыктары жана кемчиликтери.

### 3.3. Окутуунун коммуникативдик технологиясындагы кептик интенциялардын мааниси

Программада кептик интенциянын ишке ашырылышына өзгөчө басым салынат.

**Кептик интенция** – адамдын тил үйрөнүүгө болгон каалоо, ниети жаткан сүйлөшүү багыттары жана тил үйрөнүү аракетине ой жүгүртүүнүн ички максаттуу планы. Интенция аң сезимдүү жана аң сезимсиз түрдө, монологдук жана диалогдук формада пайда болуусу ыктымал. Сунушталган программа баштапкы тил билүү деңгээлинен негизги деңгээлге жеткирүү үчүн баарлашуунун ар түрдүү кырдаалдарында төмөнкү интенциялардын өнүгүүсүн эске алат.

**Байланыштыруучу интенциялар:**

– учурашуу (тереңдетүү);
– байланышкан адамдардын статустарына жараша таанышуу, өзүн жана башка бирөөнү тааныштыруу;
– бирөөнүн көңүлүн өзүнө буруу;
– пикир алышууга катышуу;
– пикир алышуу демилгесин колго алуу;
– пикир алышууну уланта алуу;
– пикир алышуу процессинде анын темасын, багытын өзгөртүү;
– кырдаалга жараша сүйлөшүүнү жыйынтыктоо;
– пикир алышкан адамдары менен алардын статустарына жараша коштошо билүү;
– ыраазычылыгын билдирүү;
– кечирим сурай билүү;
– куттуктоо;
– ийгилик каалоо;
– чакыруу.

**Жөнгө салуучу интенциялар (пикир алышкан адам менен мамилени жана каалоо-ниетин жөнгө салуу):**

– сурануу, өтүнүү;
– кеңеш айтуу;

– сунушун билдирүү;
– каалоосун айтуу;
– талап кылуу, буюруу;
– тыюу салуу;
– макул же каршы экенин билдирүү;
– убада берүү.

**Маалыматтык интенциялар:**

– болуп жаткан, боло турган жана болуп өткөн окуяларды тактоо;
– окуянын мезгилин, ордун тактоо;
– окуянын кандай ишке ашканын, анын далилдерин сурап билүү;
– алдыдагы максаттарды тактоо;
– окуянын себептерин тактоо;
– иштин натыйжасын, анын ким тарабынан аткарылганын тактоо;
– кайра сурап тактоо.

**Баа берүүчү интенциялар:**

– каалоо-тилегин билдирүү;
– талабын билдирүү;
– жеке оюн билдирүү;
– кабардар экенин билдирүү;
– жактыруу;
– мактоо;
– каршылык көрсөтүү;
– оң же терс баа берүүсүн билдирүү;
– кубануусун же кайгыруусун билдирүү;
– бир нерсеге кызыгуусун билдирүү.

## 1. Окуу материалдарынын класстар боюнча бөлүштүрүлүшү

## Предметтин мазмуну

Базистик окуу планынын мамлекеттик компонентине ылайык, окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептеринин 1–11-класстарында кыргыз тили предметине төмөндөгүдөй окуу жүктөмү аныкталган:

| № | Классы | Жума бою | Жыл бою |
|---|---|---|---|
| 1 | 1-класс | 3 саат | 102 саат |
| 2 | 2-класс | 3 саат | 102 саат |
| 3 | 3-класс | 3 саат | 102 саат |
| 4 | 4-класс | 3 саат | 102 саат |
| 5 | 5-класс | 2 саат | 68 саат |
| 6 | 6-класс | 2 саат | 68 саат |
| 7 | 7-класс | 3 саат | 102 саат |
| 8 | 8-класс | 2 саат | 68 саат |
| 9 | 9-класс | 3 саат | 102 саат |
| 10 | 10-класс | 3 саат | 102 саат |
| 11 | 11-класс | 4 саат | 136 саат |

**5-класстын окуу материалдары**

| Тема | Кептик интенциялар | Кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн өнүктүрүү | Грамматикалык материал | Конструкциялар, фразалар, терминдер |
|---|---|---|---|---|
| **1. Үй-бүлө.**<br>Силердин үй-бүлөңөр кандай?<br>Сенин аты-жөнүң ким?<br>Үй-бүлөдө ким эмне кылат?<br>Силердин үйүңөр кандай?<br>Үй-бүлө келечекте кантип өзгөрөт? | **Коммуникацияга чыгуу**: Өзүн тааныштырат. Башкалар менен таанышат.<br>**Маалыматтык интенция**: Өз үй-бүлөсү тууралуу баяндайт. Үйүн, андагы бөлмөлөрдү, буюмдарды сүрөттөйт. Үйдө ким | **Угуу**:<br>Угуу үчүн сунушталган диалогдун көлөмү 10-12 репликадан турат.<br>Угуу үчүн тексттин көлөмү – 8 – 10 сүйлөм. Тексттеги тааныш эмес сөздөрдүн саны 2% чейин болушу мүмкүн. Текстти 2 жолу уктуруу керек. Тексттин мазмунун түшүнөт жана | Жөнөкөй жана татаал сөздөр.<br>Энчилүү жана жалпы аттар.<br>Зат атоочтун жөндөмөлөрү.<br>Этиштин өткөн чагы.<br>Эмне кылды? Эмне кылган?<br>Этиштин учур чагы. | Таанышып алалы. Менин аты-жөнүм ...<br>Менин атам ...<br>Менин апам ...<br>... атасы ..., апасы ....<br>Атамдын атасы мага чоң ата болот.<br>Апамдын атасы мага таята болот. Таене – апамдын апасы. Таеже – апамдын |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Текшерүү иши<br>Жат жазуу | эмне жумуш кылары тууралуу маалымат айтат. Башкалардан үйдө эмне жумуш кылары тууралуу маалымат сурайт.<br>**Эмоционалдык баа берүүчү**: Эмнелерди жактырганын сезимдер аркылуу билдирет. Үй-бүлөсү тууралуу позитив менен баяндайт.<br>**Байланыш түзүүчү:** Башкалардын үй-бүлөсү тууралуу сурайт.<br>**Жөнгө салуучу:** Достору тууралуу айтып берүүнү суранат. Келечектеги өзгөрүүлөр тууралуу божомолдорду тактайт. | суроолорго жооп берет.<br>**Окуу**:<br>Окууга берилген тексттердин көлөмү – 10 – 15 сүйлөм. Илимий-популярдуу, көркөм, оозеки стилдеги тексттер. Формасы боюнча туташ, туташ эмес болушу мүмкүн.<br>**Жазуу**:<br>Суроолорго жооп жазат. Сүйлөмдөрдү толуктайт. Тууганыңа кат жазат. Эссе жазат. Жат жазуу жазат.<br>**Сүйлөө**:<br>Үй-бүлө темасында диалог, монолог формасында оозеки текст түзөт. Тексттин көлөмү – 5 – 10 сүйлөм болушу мүмкүн. | Эмне кылып жатат?<br>Эмне кылып жатышат? | эже-сиңдиси. Аба – атамдын ага-иниси.<br>Мен чоң атама небере болом.<br>Менин ... бир тууганым бар. Биз ... бир туугандбыз. Биз бактылуу үй-бүлөбүз. Биз бактылуубуз. Мен бактылуумун.<br>... – менин эжем, ... – менин байкем, ... – менин иним, ... – менин карындашым (сиңдим).<br>... – анын иниси. ... – анын эжеси, ... – анын байкеси (агасы).<br>Менин атым мага жагат. Менин атымды ... койгон.<br>Апам үйдө ...<br>Атам үйдө ... . Мен үйдө... |
| **2. Эс алуу. Саякат**<br>Саякаттар дүйнөсү<br>Саякаттаган кандай сонун!<br>Кайда саякаттаса болот?<br>Текшерүү иши<br>Жат жазуу | **Аңгемелешүүнү демилгелөө:** диалог баштайт, суроо берет, билгендерин айтат.<br><br>**Маалымат суроочу:** Кайсы убакта кайда саякаттоо тууралуу сурайт, билгендерин айтат.<br><br>**Окуялар тууралуу маалымат берүүчү:** Ким менен, качан кайда саякатка барганы тууралуу айтып берет, | **Угуу:**<br>Саякат темасында: Ким кайда саякаттайт? Кайда барат? Кантип эс алат? Саякатта эмне кылат? Ким менен саякаттайт? Эмне менен саякаттайт? деген сыяктуу суроолорду угат, уккан суроолоруна жооп берет. Саякат тууралуу чакан билдирүүлөрдү, радиоуктуруудан үзүндүлөрдү, кулактандыруу угат. Укканы боюнча талкуулайт.<br>**Окуу:**<br>Саякаттоо, эс алуу темасында көркөм чыгармалардан үзүндү, | Зат атоочтун жөндөмөлөрү: Атооч, илик, барыш, табыш, жатыш, чыгыш.<br>Зат атоочтун илик жөндөмөсү. Кимдин? Эмненин?<br>Зат атоочтун барыш жөндөмөсү.<br>Кимге? Эмнеге? Кайда? Каякка?<br>Зат атоочтун табыш жөндөмөсү. Кимди? Эмнени?<br>Зат атоочтун жатыш жөндөмөсү. | Мен ... саякаттаганды жакшы көрөм. Мага саякаттаган жагат. Мен ... саякаттаганды жактырам.<br>Мен жайында ... барам.<br>Мен кышында ... барам.<br>Мен жазында ... барам.<br>Мен күзүндө ... барам.<br>... кышында ... барат.<br>... саякаттаганды жакшы көрөт. ... жайында жайлоого чыкканды жактырат. Себеби ...<br>... кемеге түшүп сакаттагысы келет. Себеби ... |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жазып берет.<br><br>**Маалымат тактоочу:** Классташтары кайсы мезгилде саякатка барганды жакшы көрөрүн жана анын себебин сурайт.<br><br>**Жөнгө салуучу:** Маектешүүчүнү кызыктырып, кайсы бир жакка саякаттоону каалоосуна таасир этет. | илимий-популярдуу текст, оозеки диалог жана монолог формасындагы тексттерди окуп түшүнөт. Түшүнгөнү боюнча оюн билдирет, тексттеги сүйлөмдөр менен далилдейт.<br>**Сүйлөө**:<br>Диалог, монолог формасында тексттерди түзөт, саякаттоо боюнча өз билгендерин, окугандарын сүйлөп берет. Суроо берет, суроолорго жооп берет. Башкалардын айтканын толуктайт, тактайт, сурайт.<br>**Жазуу:**<br>Саякатка барганы тууралуу баяндоо текст түзүп жазат. Кулактандыруу жазат. Суроолорго жооп жазат. Эссе жазат. Саякатта көргөндөрүн сүрөттөп жазат. | Кайда? Каерде? Кимде? Эмнеде? Кайсы жакта?<br>Зат атоочтун чыгыш жөндөмөсү. Кайдан? Кимден? Эмнеден?<br>Зат атоочтордун жандооч менен айкалышы.<br>Эмне менен? Ким менен? | ... көлгө саякатка барганды каалайт. Анткени ...<br>Биз тоого чыкканды жакшы көрөбүз. Себеби ...<br>Досум башка шаарларга барганды жактырат. Анткени ...<br>Атам менен ... барам.<br>Досум менен ... барам.<br>Апам менен ... барам.<br>Классташым менен ... барам.<br>Тоого велосипед менен саякаттаса болот. Көлдө кайык менен саякаттаса болот. Шаарларга автобус менен саякаттаса болот.<br>Чет өлкөгө учак менен барса болот. |
| **3. Кесип.**<br>Ар бир кесип ардактуу.<br>Ар бир кесип маанилүү<br>Ар бир кесип кызыктуу<br>Кесип тандоо оңойбу?<br>Текшерүү иши<br>Жат жазуу | **Маалымат берүү:** Окуганы, укканы боюнча кесиптер жөнүндө билгендерин айтат.<br><br>**Эмоционалдык баа берүүчү:** кесиптердин маанилүүлүгү тууралуу, кайсы бир кесиптин анын көз карашындагы артыкчылыгын баалап ой жүгүртөт.<br><br>**Эмоционалдык баа берүүчү:** Кайсы бир кесиптке кызыгуусун | **Угуу**:<br>Кесиптердин аталыштарын угуп түшүнөт. Кесиптер тууралуу диалог, монолог тексттердин көлөмү 10 – 15 сүйлөмдөн турат.<br>Текстти 2 жолу угуп, укканы боюнча суроо-жоопко катышат.<br>**Окуу:**<br>Кесип, кесиптин актуалдуулугу, мааниси, ролу тууралуу түрдүү стилдеги, формадагы тексттерди окуп түшүнөт. Көлөмү 15 сүйлөмдүн тегерегинде болот. Андан чоң | Кесипти билдирүүчү *-чы (-чи, чу, -чү)* мүчөсү уланган зат атоочтор.<br>Кесипти билдирүүчү *-поз, -кер* мүчөсү уланган зат атоочтор.<br>Зат атоочтун жөндөмөлөрүн кайталоо | Менин атам ... (кесиби).<br>Менин апам ... болуп иштейт. Анын апасы ...<br>Сүрөтчү – ардактуу кесип.<br>Сатуучу – ардактуу кесип.<br>Сатуучу дүкөндө иштейт.<br>Мугалим мектепте иштейт.<br>Ырчы филармонияда иштейт. Бийчи театрда иштейт. Дарыгер ооруканада иштейт.<br>Мага дарыгер болгон жагат. Себеби ... .<br>Мага мугалим болгон жагат. Себеби ...<br>Жазуучу – ардактуу кесип. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | билдирет.<br><br>**Жөнгө салуучу:** Кесип тандоо боюнча классташтарына кеңеш берет.<br><br>**Байланыш түзүүчү:** Ролдоштурган оюн учурунда интервью берген маектешүүчү менен адептүү учурашып, сылык маектешип, коштошот. | көлөмдөгү тексттерди тыным менен окуйт, ар тыным боюнча талкууга катышат. Окуганы боюнча башкаларга кесип тандоого кеңеш берет.<br>**Жазуу**:<br>Кесиптин түрлөрүн катыштырып сүйлөмдөрдү түзүп жазат. Окуган үлгүлөрүнө таянып өз алдынча текст түзүп жазат. Ой жүгүртүү эссе жазат.<br>**Сүйлөө**:<br>Окуган, уккан тексти боюнча өз оюн билдирет, аргументтеп, мисал келтирет. Текстти 3 сүйлөм менен жалпылап айтып берет. Ролдоштуруп ойноп, интервью берет. | | Анткени ...<br>Элчи – ардактуу кесип.<br>Анткени ...<br>Мен мектепте жакшы окуйм. Келечекте ...болом.<br>Мен ... кесибин тандадым.<br>Себеби ...<br>Окуучулар мектепте жакшы окушат. Келечекте ..., ..., ..., ... болушат.<br>... кесиби оор.<br>... кесиби татаал.<br>... кесиби кызыктуу.<br>Тигүүчү кесиби маанилүү.<br>Тигүүчү кесиби ардактуу.<br>Тигүүчү кесиби кызыктуу. |
| **4. Кыргызстан**<br>Кыргызстан – менин мекеним<br>Мекен деген эмне?<br>Кыргызстан кайда жайгашкан?<br>Кыргыз Республикасынын мамлекеттик белгилери<br>Кыргызстанда жашайм<br>Нооруз майрамы<br>Текшерүү иши<br>Жат жазуу | **Аңгемелешүүнү колдоо:** Берилген суроого кенен-кесири жооп берет, кошулганын, макулдугун билдирет.<br>**Жөнгө салуучу:**<br>Маектешүүчүнү кызыктырып, Кыргызстандын ажайып кооз жерлерин көрүүгө каалоосуна таасир этет.<br>**Максаттар жөнүндө маалымат суроо:**<br>Кыргызстандын облустарына, шаарларына, айылдарына бара турган максатын сурайт. | **Жазуу**:<br>Кыргызстан жөнүндө диалог, монолог түрүндө текст түзүп жазат. Суроолорго жооп жазат. Кыргызстан тууралуу макалдардын маанисин түшүндүрүп жазат.<br>Досуна Кыргызстан жөнүндө кат жазат. Сүрөт боюнча чакан аңгеме жазат.<br>**Окуу**:<br>Кыргызстан, мекен, эл-жер тууралуу тексттерди окуп түшүнөт. Окуганы боюнча сүйлөп берет.<br>**Угуу**:<br>Кыргызстан, Мекеним темасында чакан текст, ыр | Этиштин жактары<br>Жекелик жана көптүк сандагы этиштер<br>Этиштин чактары<br>Сын атооч<br>Сын атоочтун жай даражасы<br>Сын атоочтун салыштырма даражасы<br>Сын атоочтун күчөтмө даражасы | Мен Кыргызстанда жашайм. Мен ... шаарында жашайм. Мен ... айылында жашайм.<br>Кыргызстан – менин мекеним. Кыргызстан – тоолуу өлкө.<br>Кыргызстанда адилеттүү, чынчыл, эр жүрөк адамдар жашайт. Мен Кыргызстанды жакшы көрөм. Мен Кыргызстан менен сыймыктанам. Мен Кыргызстан менен мактанам. Кыргызстандын ... шаарларын билем.<br>Кыргызстандын ... облустарын билем. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Суктанууну билдирүү:** Кыргызстандын ажайып кооз жерлерине суктанганын билдирет.<br>**Маалымат суроочу:** Кыргызстан жөнүндө маалыматтарды сурайт, тактайт. | угат, укканы боюнча түшүнгөндөрүн, сезимдерин айтып берет.<br>**Сүйлөө:**<br>Кыргызстан кайда жайгашканын айтып берет. Кыргызстан кандай өлкө экендиги тууралуу айтып берет. Окуган текстинин мазмунун сүйлөп берет. | | Мамлекетибиздин Гимни, Туусу, Герби бар. Кыргыз Республикасынын Гимнин билем. Кыргызстан түндүгүнөн Казакстан менен чектешет. Түштүк-чыгышынан Кытай, түштүк-батышынан Тажикстан, батышынан Өзбекстан менен чектешет. |
| **5. Ден соолук. Спорт**<br>Дениң таза болсо, дилиң да таза болот<br>Спорт менен машыгабыз<br>Менин жашоомдогу спорт<br>Менин күнүм<br>Улуттук спорт оюндары<br>Текшерүү иши<br>Жат жазуу | **Аңгемелешүүнү колдоо:** Спорт жана ден соолукту чыңдоо темасында маселелерге кошулганын, макулдугун билдирет.<br>**Жөнгө салуучу:** Маектешүүчүнү кызыктырып, спорт менен машыгууну каалоосуна таасир этет.<br>**Максаттар жөнүндө маалымат суроо:** Спорт боюнча койгон максатын айтып берет, башкалардан сурайт.<br><br>**Маалымат суроочу:** Ден соолук жөнүндө жана күн тартиби тууралуу маалыматтарды сурайт, тактайт.<br>**Эмоциялык баалоочу:** Спорттогу ийгиликтер жөнүндө билдирет.<br>**Байланыш түзүүчү:** Спорттогу жеңиштер | **Угуу:**<br>Ден соолук темасында ырлардан үзүндү угат, укканы боюнча ой жүгүртөт, сүйлөп берет. “Биздин жашоодогу убакыт” темасында радиопрограмманы угуп түшүнөт.<br>**Сүйлөө:**<br>Суроолорго жооп берет. Ден соолук тууралуу, ден соолукту чыңдоо жөнүндө ой жүгүртүп оозеки текст түзөт. Спорттун түрлөрү жөнүндө, анын ичинде футбол, теннис, сууда сүзүү ж.б. тууралуу айтып берет.<br>**Жазуу:**<br>Үйдө жана сейилдеп жүргөндө жасаган жумуштарын тизмелеп жазат. Улуттук спорт оюндары тууралуу презентация даярдайт.<br>**Окуу:**<br>Ден соолук жана спорт темасында ырларды, туташ жана туташ эмес тексттерди угат. Улуттук спорт оюндары | Сын атоочтун салыштырма жана күчөтмө даражалары<br>Этиштин жөнөкөй жана татаал учур чагы. Эмне кылат? Эмне кылып жатат?<br>Этиштин өткөн чагы. Эмне кылды? Эмне кылышты?<br>Этиштин *-ба* терс мүчөсү<br>Баяндагыч, буйрук этиштер | Дениң таза болсо, дилиң да таза болот. Мен футбол менен машыгам. Мен ... менен машыгам. Мен ... кызыгам. Мен эртең менен ... Мен кечинде чуркайм. Спорт менен машыксам, ден соолугум чың болот. Мен балдар менен жарышам. Досум атасы менен футбол көрүүгө барат. Окуучулар ... барат. Шахмат менен машыгуу үчүн ... керек. Футбол менен машыгуу үчүн ... керек. Бокс менен машыгуу үчүн ... керек.<br>... зарядка жасап жатат.<br>... теннис ойноп жатат.<br>... машыгып жатат.<br>... волейбол ойноп жатат.<br>... улак тартып жатат.<br>... кызды кууп баратат.<br>... ат чаап баратат.<br>... эр эңишип жатат.<br>Улуттук оюндарды көргөндү жактырам. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | менен куттуктайт. | тууралуу текстти окуп, айтып берет. | | Жеңишиң менен куттуктайм! Сен азаматсың! |
| **6. Соода-сатык**<br>Дүкөндө<br>Базарда<br>Соода тууралуу<br>Сатып алганды билесиңби?<br>Текшерүү иши<br>Жат жазуу | **Маалымат берүүчү:**<br>Дүкөндөр тууралуу билгендерин айтып берет.<br><br>**Маалымат суроочу:**<br>Дүкөндүн турган ордун, ага кантип барууну сурап билет.<br><br>**Баалоочу:**<br>Мыкты иштеген дүкөндү мактайт.<br>**Байланыш түзүүчү:**<br>Классташын дүкөнгө чакырат.<br>**Жөнгө салуучу:**<br>Дүкөнчүдөн кеңеш сурайт.<br>**Жөнгө салуучу:**<br>Маектешүүчүнү кызыктырып, дүкөнгө барууну каалоосуна таасир этет. | **Угуу**:<br>Дүкөндө темасында диалог угуп түшүнөт.<br>**Жазуу:**<br>Азык-түлүк дүкөнү жөнүндө текст түзүп жазат. Классташын кийим-кече дүкөнүнө чакырат. Белек сатып алуу үчүн сатуучудан кеңеш сурап жазат. Өз алдынча диалог түзөт. Дүкөндү мактап досуна кат жазат.<br>**Сүйлөө**:<br>Жашылча-жемиштердин пайдасын, дарылык касиеттерин айтып берет.<br>**Окуу:**<br>Диалог, монолог түрүндөгү тексттерди окуп түшүнөт, окуганы боюнча айтып берет. Дүкөн темасында диалог окуп түшүнөт. Окуганын толуктайт, кошумчалайт, тактайт, сурайт. | Жай сүйлөм.<br>Суроолуу сүйлөм.<br>Илептүү сүйлөм<br>Буйрук сүйлөм<br>Сан атооч.<br>Эсептик сан.<br>Бөлчөк сан.<br>Чамалама сан.<br>Жамдама сан | Азык-түлүк дүкөнүндө ... сатылат. Кийим-кече дүкөнүндө ... сатылат. Белектер дүкөнүндө ... сатылат. Турмуш-тиричилик дүкөнүндө ... сатылат. Китеп дүкөнүндө ... сатылат. Кандай ... сатып алсам болот? Сиз кандай ойлойсуз? Дүкөн саат канчада ачылат? Дүкөн саат канчада жабылат? Дүкөн кайсы көчөдө жайгашкан? Сизден сурасам болобу? Айтып коюңузчу, ... кайда? ... кандай дүкөн?<br>Дүкөнгө ... кел.<br>... дүкөндөн ...сатып алабыз.<br>... дүкөндөн ... алабыз.<br>... дүкөндөн ... карайбыз.<br>... дүкөнгө ... барабыз.<br>Мен ... алышым керек.<br>Мен ... табышым керек.<br>Мен ... төлөшүм керек. |
| **7. Кызыгуулар**<br>Ким эмнеге кызыгат?<br>Сен эмнеге кызыгасың?<br>Таланттуу адамдар эмнеге кызыгышкан?<br>Каникулда эмне кылууга кызыгасыңар?<br>Текшерүү иши | **Маалымат суроочу:**<br>Эмне себептен бул же тигил нерсеге кызыкканын сурайт.<br>**Маалымат берүүчү:**<br>Өзүнүн кызыгуусу жөнүндө башкаларга айтып берет. | **Угуу:**<br>Кыска ыр, чакан тексттерди угуп түшүнөт. Бири-биринин кызыгууларын сурап сүйлөшүп, укканына кошумчалайт.<br>**Сүйлөө:**<br>Кызыгуулар боюнча суроо | Этиштин жактарын, чактарын кайталоо<br>Сын атоочтун даражаларын кайталоо<br>Сан атоочтун түрлөрүн кайталоо | Мен китеп окуганга кызыгам.<br>Мен ... кызыгам.<br>Ал ... кызыгат.<br>Ал сүрөт тартканды жакшы көрөт. Ал сүрөткө кызыгат.<br>Кызыгуусу кесипке |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Жат жазуу | **Маалымат тактоочу:** Ким эмнеге кызыгарын, кызыгуулардын түрлөрүн тактайт. **Жөнгө салуучу:** Классташтарына кызыгуулардын түрүн сунуштайт. | берет, суроолорго жооп берет. Кызыгуулардын түрүн бөлүштүрүп, түшүндүрүп айтып берет. Өз кызыгуусу жөнүндө сүйлөп берет. Башкалардын кызыгуусу тууралуу сурайт. **Окуу:** Кызыгуулар кандай болору тууралуу тексттерди окуп, окуганы боюнча суроо түзөт. **Жазуу:** Сүрөттөргө таянып, кызыгуулар тууралуу ой жүгүртүү текстин жазат. “Менин кызыгуум” деген темада баяндоо эссе жазат. Каникулда эмнеге кызыгары тууралуу аңгеме түзүп жазат. | | айланат. Мен марка чогултканды жактырам. Менин кызыгуум – марка чогултуу. Монета чогултканды жакшы көргөн адамдар – нумизматтар. Китеп чогултканды жакшы көргөн адамдар – букинисттер. Марка чогултканды жакшы көргөн адамдар – филателисттер. Мен ... кызыгам, анткени ... Мен ... кызыгам, себеби ... Мен каникулда ... кызыгам. |

6-класстын окуу материалдары

| Тема | Кептик интенция | Кеп ишмердүүлүктөрү | Грамматикалык материал | Кептик конструкциялар, терминдер, фразалар |
|---|---|---|---|---|
| **1. Үй-бүлө.**<br>Сенин үй-бүлөң, үйүң кандай?<br>Үнөмчүл болуш керекпи?<br>Досу көп бала<br>Үйдөгү досторубуз<br>Текшерүү иши<br>Жат жазуу | **Коммуникацияга чыгуу:**<br>Досуна, курбусуна мүнөздөмө берет.<br>**Байланыш түзүүчү интенциялар:**<br>Досун туулган күнү менен куттуктайт.<br>**Маалыматтык интенциялар:**<br>Башкалардан алардын досуна мамилеси жөнүндө сурайт.<br>Башкалардан достору менен кайда барышарын тактайт.<br>**Маалымат билдирүүчү:**<br>Үнөмчүл болуу тууралуу өз оюн билдирет.<br>Жашаган үйү тууралуу айтылгандарга кошумчалайт.<br>**Жөнгө салуучу:**<br>Үй жаныбарларына кам көрүү боюнча кеңеш берет. | **Угуу:**<br>Үй-бүлө темасында текст угуп түшүнөт.<br>Үйү, бөлмөсү жөнүндө башкалардын айтканын угуп түшүнөт, суроо берет.<br>Досунун үй жаныбарлары жөнүндө айтканын угуп түшүнөт. Суроолорго жооп берет.<br>**Сүйлөө:**<br>Үй жумуштарын кантип аткарарын айтып берет.<br>Жашаган үйүнүн планын тартып, суроолорго таянуу менен айтып берет.<br>Келечектеги өзү жашай турган үй тууралуу айтып берет.<br>**Окуу:**<br>Текстти тыным менен окуп, суроолорго жооп берет.<br>Текстти окуп, маалыматты өз тажрыйбасы менен салыштырат.<br>Текстти окуп түшүнөт, маалыматты 2-3 сүйлөм менен жалпылайт. Тексттеги айтылган маселени белгилейт. Өз оюн аргументтейт, мисал келтирет. Жыйынтык чыгарат.<br>**Жазуу:**<br>Айылдагы, шаардагы үйлөрдү | Сүйлөмдүн ээси<br>Сүйлөмдүн аныктоочу. Кандай? Кайсы?<br>Сүйлөмдүн бышыктоочу. Канчалык? Кантип?<br>Сүйлөмдүн баяндоочу<br>Жалпы таандык мүчө. Кимдики? Кимдердики? | Биздин үй-бүлөбүз ...<br>Биздин үйүбүз ...<br>Атамдын атасы мага чоң ата болот.<br>Чоң атаңдын атасы сага ким болот?<br>Апам бизди жакшы көрөт.<br>Мен да апамды жакшы көрөм.<br>Апам менен көп нерселер жөнүндө сүйлөшөбүз.<br>Көп батирлүү бийик үйлөр.<br>Бир кабаттуу үйлөр.<br>Менин бөлмөм ...<br>Конок бөлмөсү ...<br>Ата-энемдин бөлмөсү ...<br>Үнөмчүл адам ...<br>Үнөмчүлдүк сапат ...<br>Мен ата-энем берген акчаны үнөмдөп пайдаланам.<br>Күнүмдүк майда чыгымдар: ...<br>Илимий-техникалык өнүгүү<br>Адамдардын эмгегин үнөмдөө...<br>Адамдардын күчүн үнөмдөө...<br>Үнөмчүл болуу – ...<br>Үнөмчүл болгон жакшы, ак көңүл болгон андан жакшы<br>Менин досум ...<br>Досум экөөбүз чогуу эс алганды жактырабыз. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Үй жаныбарларына жаман мамилени сындайт.<br><br>**Баалоочу интенция:**<br>Үй жаныбарын өз убагында карабаган балдарды уяткарат. | сүрөттөйт, салыштырат.<br>“Үнөмчүл болуу керекпи?” деген темада 10 сүйлөмдөн кем эмес текст түзүп жазат.<br>Макалдардын маанисин чечмелеп жазат.<br>Таяныч колдонуп, ой жүгүртүү текстин жазат.<br>Досу тууралуу текст жазат.<br>Досторунун үй жаныбарларын сүрөттөп жазат. | | Биздин үйдөгү досторубуз – жаныбарларыбыз бар: ...<br>Итимдин аты – Жолборс. Ал үй кайтарат.<br>Күчүк – короочу.<br>Мышыгым таргыл, муруту тармал, ал акылдуу мышык.<br>Тоту куштун түсү ..., куйругу ... . Тоту кушту жакшы көрөм. |
| **2. Саякат. Эс алуу**<br>Жайкы эс алуу<br>Кыргызстан боюнча саякат<br>Дүйнөдөгү кызыктуу жерлер<br>Кыргызстандагы кызыктуу жерлер<br>Текшерүү иши<br>Жат жазуу | **Жөнгө салуучу интенциялар:**<br>Чет элден келген адамга Кыргызстандын кайсы бир жерлерин көрүүнү сунуштайт.<br><br>Кайсы жакка барып эс алуу тууралуу досуна кеңеш берет.<br><br>**Маалыматтык интенциялар:**<br>Эмне үчүн ушул жерлерди көрүүнү сунуштаганын түшүндүрөт.<br><br>Кайда барууну каалаларын тактайт.<br><br>Досунан кайда эс алганын сурайт.<br><br>Эс алуу, саякаттоо эмнеси менен кызыктуу | **Угуу:**<br>Диалогду угуп түшүнөт, суроолорго жооп берет.<br>Саякатка баруу жөнүндө кулактандырууну угуп түшүнөт, укканын айтып берет.<br><br>**Сүйлөө:**<br>Бири-бири менен маектешет.<br>Окуган аңгеменин каармандары эмнеси менен жакканын айтып берет.<br>Топтордо талкууга катышат.<br>Саякатка кандай буюмдарды аларын, албасын түшүндүрөт.<br><br>**Окуу:**<br>Текстти окуп түшүнөт, окуган маалыматты мазмуну боюнча классификациялайт, талдайт.<br>Окуган тексти боюнча суроолорду түзөт.<br>Суроолорго жооп берет.<br>Текстти тыным менен окуп, талкуулайт.<br>Окуганын түшүнүп, үзүндүгө | Ат атоочтун түрлөрү.<br>Жактама ат атоочтор<br>Шилтеме ат атоочтор<br>Сурама ат атоочтор<br>Тангыч ат атоочтор<br>Аныктама ат атоочтор<br>Белгисиз ат атоочтор | Мен жайында ... эс алдым.<br>Мен ... саякатка бардым.<br>Биз каникулда ... бардык.<br>Биз ... жакшы эс алдык.<br>Мен айылдагы чоң ата, чоң энемдикине бардым.<br>Мен шаардагы ... бардым.<br>Лагерде эс алуу жакшы өттү.<br>Жайлоодо эс алуу сонун өттү.<br>... эс алуу ... өттү.<br>Тоодо карагат тердим.<br>Токойдо козу карын тердим.<br>... эмне кылдың?<br>Кайда эс алдың?<br>Саякатка чыкканда ... алыш керек.<br>Саякатка чыкканда фотоаппарат, суу, тамак, ширенке, кол чатыр, жылуу кийим алыш керек.<br>Соң-Көлгө бардык. Соң-Көл Нарын облусунда жайгашкан.<br>Биз ... бардык, себеби... |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | болгонун тактайт.<br><br>**Баалоочу интенция:**<br>Досуна кат жазып, Кыргызстанда эс алуунун артыкчылыктарын баяндайт.<br><br>Саякат учурундагы жүрүм-турум эрежелерин так билгенин көрсөтөт. | ат коёт.<br><br>**Жазуу:**<br>Сүрөттөргө таянып, чакан текст түзүп жазат.<br>Окуганы жана талкуулаганы боюнча аргументтештирилген эссе жазат.<br>Каармандарга мүнөздөмө берет.<br>Окуганы боюнча баяндоо эссе жазат.<br>Кыргызстандын кызыктуу жерлери жөнүндө досуна кат жазат. | | ... ... жайгашкан.<br>... – кереметтүү жер, анткени ...<br>Албетте, ... – кереметтүү жер, себеби ...<br>Мен Саймалуу-Ташка барууну сунуштайм, анткени Саймалуу-Таш тарыхый эстеликтерге бай.<br>Мен Баткенге барууну сунуштайм, анткени анда Айгүл гүлдү көрүүгө болот.<br>Мен ... барууну сунуштайм, анткени ... |
| 6. **Адам жана жаратылыш.** Кыргызстандагы абанын булгануусу. Жаратылыш кырсыктары.<br><br>"Табияттын таалим болор сабагы"<br>(*Ч. Айтматовдун «Аскада калган аңчынын ыйы" чыгармасынан үзүндү талдоо*) | **Байланыш түзүүчү интенциялар:**<br>Кыргызстандагы абанын булгануусунун себептерин классташтарына айтып берет, баарлашат.<br><br>**Жөнгө салуучу интенциялар:**<br>Табиятты коргоо ар бир жарандын милдети экендигин билүүнү өтүнөт.<br><br>**Маалыматтык интенциялар:**<br>Кыргызстандагы абанын булгануусу тууралуу интервью, репортаждардагы маалыматтарды кайталап түшүндүрөт.<br>Фактыларды тактап сурайт<br>**Баалоочу интенциялар:**<br>Өздөрү жашаган аймактардын жаратылышын сүрөттөйт. | **Окуу**<br>Кыргызстандагы жаратылаш кырсыктарына байланышкан илимий-популярдуу, көркөм, публицистикалык тексттерди окушат жана анда берилген теманын идеясын, маанисин ачып берген ачкыч сөздөрдү табат. Сүрөттөөгө байланыштуу тилдик каражаттарды таап, маанилерин чечмелейт.<br>**Угуу**<br>Кыргызстандагы абанын булгануусу тууралуу интервью, репортаждарды угуп, тыянак чыгарат. Негизги маалыматты (жалпы, деталдуу жана сын көз караш менен түшүнүү деңгээлинде) кабыл алып, бөлүп көрсөтөт;<br>**Сүйлөө**<br>*Диалог:* Экологиялык маселелер боюнча баарлашууну колдой алат жана эркин маекке катышат.<br>*Монолог:* Сын пикир айтат, билдирүү жасайт жана фактыларды сурайт<br>**Жазуу**<br>"Табиятка аяр мамиле жасайлы", "Табияттын таалим болор сабагы" деген тексттерге пикир жазышат. Окуучулар өздөрү жашаган аймактардын жаратылышын сүрөттөйт. Сүрөттөө текстин | **Татаал сүйлөмдүн тыныш белгилери:** кош чекит, үтүрлүү чекит, сызыкча<br>Тыныш белгилеринин кептеги орду.<br>Текстти кыскартуунун ыкмалары<br><br>**Орфография.**<br>Жер-суу аттарынын жазылышы<br>Сүрөттөө эссесинин структурасы<br><br>Тексттин бөлүктөрү: абзац<br><br>Тексттердин түрлөрү: туташ, туташ эмес, аралаш, курама тексттер | *Ири шаарларда өнөр жай ишканалары, транспорт көбөйгөндөн бери, аба булгана баштады.*<br>*Абаны булгабаш үчүн, өнөр жай ишканаларын, транспортту техникалык кароодон өткөрүп туруу керек.*<br>*Абаны булгабаш үчүн, .....*<br>_Шаардын\айылдын экологиялык көйгөйлөрүн чечүү үчүн ....<br>Табияттын мыймамдарына каршы чыгуу. Бул ....<br>Абанын радиоактивдүү заттар менен булгануусу кишинин ден соолугу үчүн өтө зыяндуу.<br>Таза абанын биздин жашообузда абдан маанилүү. Анткени .....<br>Бөлмөнү желдетүү зарыл. Себеби ....<br>Таза абанын ден соолукка тийгийген таасири зор. Мисасы, ...... |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | түзөт. | | |
| **7. Жер – жалпыбыздын үйүбүз. Экология.**<br>Дүйнөдөгү кооз жерлер<br>Кыргызстан–менин мекеним.<br>Көп улуттуулук–көп маданияттуулук.<br>Элдин биримдиги – мамлекеттин бекемдиги. | **Байланыш түзүүчү интенциялар:**<br>Диалогдун багытын башкарып, лидерлик позицияда маектешет, баарлашуунун темасын өзгөртөт.<br><br>**Жөнгө салуучу интенциялар:**<br>Классикалык музыкаларды угууга кеңеш жазат.<br><br>**Маалыматтык интенциялар:**<br>Жер шарын коргоо боюнча текстте камтылган маалыматтарга кошумча маалымат булактарынан кошумчалайт.<br><br>**Баалоочу интенциялар:**<br>Окуган\уккан тексттин мазмунун баалап, өз пикирин билдирет. | **Окуу**<br>«Жер шарын коргоо биздин негизги милдетибиз» деген текстти окуп, текстте камтылган маалыматтарды кошумча маалымат булактарынан алынган маалыматтар менен салыштырат.<br>**Угуу**<br>“Дүйнөдөгү кооз шаркыратмалар” , “Кыргызстан көп улуттуу өлкө” деген тексттерди угуп, уккан текстти маанилик бөлүктүргө (абзацтарга) бөлүштүрүп, айтылган ойлорун далилдейт. Уккан тексттин мазмунун баалап, өз пикирин билдирет.<br>**Сүйлөө**<br>*Диалог:* Элдин биримдиги – мамлекеттин бекемдиги” деген темада маекке катышып, маектешинин оюн эркин улап баарлашат.<br>**Жазуу**<br>“Элдин биримдиги – мамлекеттин бекемдиги” деген тексттеги абзацтарда камтылган ойлорду өз сөзү менен жазат. | **Синтаксис.**<br>Сүйлөм мүчөлөрү.<br>Татаал багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү: мезгил, орун, шарттуу, себеп, сан-өлчөм, карама-каршы<br><br>Текстти талдоо: абзац, тезис- далил, факт-чечмелөө, көйгөй-чечим, себеп-натыйжа, ой-ойду улантуу.<br><br>Тексттердин түрлөрү: туташ, туташ эмес, аралаш, курама тексттер | Жер шарын коргоо бүкүл дүйнөлүк адамзаттын милдети деп билем.<br>Жер планетасы башка планеталардан айрымачылыгы ....., .....<br>Биз экологиялык кандай маселе болбосун .... , .... чечүү милдетибиз. .<br>Дүйнөдөгү кооз жерлердин кооздугун сактап калуу, ....<br><br>Көп улуттуулук–көп маданияттуулук.<br>Элдин биримдиги – мамлекеттин бекемдиги. |
| **8. Адамдын руханий өнүгүүсү.**<br>Руханий маданияттын таасирлери<br>Сөз өнөрү.<br>Кыргыз эли сөз баккан эле. | **Байланыш түзүүчү интенциялар:**<br>.<br><br>**Жөнгө салуучу интенциялар:**<br>Макул\макул эместигин билдирип, баа берет. | **Окуу**<br>“Кыргыздын акылы – макал” деген текстти окуп, тексттин негизинде таблица түзүшөт.<br>Тексттеги маалыматтарды баалоо үчүн так, кыска далилдерди, цитаталарды, сөз берметтерин колдонот. | Ой жүгүртүү эссеси,<br>Тике, кыйыр сөзгө айландыруунун жолдору.<br>Публицистикалык стиль.<br>Интервью. | Оюңарды ортого салгыла.<br>Кеңешип чечим чыгаргыла.<br>Карылардын сөзүн дайым ук<br>Сөз эркиндиги.<br>Сөздү өз убагында айт.<br>“Сөз келгенде айтпаса сөз атасы өлөт” деген макал аркылуу кыргыз эли ..... ...... |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыздын акылы – макал<br>Тил билсең – дил билесиң. | Тил үйрөнүүнүн зарылдыктарын тууралуу сунуштарды беришет;<br><br>**Маалыматтык интенциялар:**<br>«Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” деген репортажды\кабарлардын максаттарын тактайт.<br><br>**Баалоочу интенциялар:**<br>Маалыматтардын артыкчылыгын айтып баалайт.<br>Көп тил үйрөнүүгө коюлган максаттарды колдойт. | • сөздөрдүн контексттик маанилерин аныкташат;<br>**Угуу**<br>**«Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” деген репортажды\кабарларды угуп,** негизги ойго баа берет;<br>Уккан материалдарынан жыйынтык чыгара алат<br>**Сүйлөө**<br>*Диалог:* Элдин жазылбаган конституциясы дегенге көз карашыңар кандай? деген суроонун негизинде баарлашат. Тил үйрөнүү, көп тил билүү боюнча баарлашууга эркин катышат. Зарыл болгон учурда өзүнүн көз карашын далилдейт.<br>*Монолог:* Руханий маданияттын таасирлери тууралуу досторуна, классташтарына, бир тугандарына айтып берет.<br>*Монолог:* Сын пикир айта алат, билдирүү жасай жана сурай алат.<br>**Жазуу**<br>“*Макал–ылакаптардын турмуштагы орду*” деген темада ой жүгүртүү эссе жазышат.<br>• Тил үйрөнүүнүн зарылдыктарын тууралуу сунуштарды беришет;<br>• текстти улантып жазышат. | Төл жана бөтөн сөзгө коюлуучу тыныш белгилер<br><br>Текстти талдоо: абзац, тезис- далил, факт-чечмелөө, көйгөй-чечим, себеп-натыйжа, ой-ойду улантуу.<br><br>Тексттердин түрлөрү: туташ, туташ эмес, аралаш, курама тексттер | айткан.<br>Мен өз жашоомдо төмөнкүдөй ..........макалдарды билем.<br>Бул макалдын маниси ........<br>Эгерде биз макалдар менен сүйлөсөк сөзүбүз таасирдүү болот. Анткени .....<br><br>Эмне максатта тил үйрөнөм?<br>Көп тил билүү ...<br>Менин максатым көп тил билүү. Анткени....<br>*“Жетимиш түрлүү тил билген” деген сөздүн мааниси....деп ойлойм. Себеби....*<br><br>*Тил үйрөнүүдө төмөнкүдөй сунуштарды эске алуу керек деп ойлойм. Мисалы, ......* |
| **9. Санариптештирүү.** Дүйнөдөгү | **Жөнгө салуучу интенциялар:**<br>Кыргызстандагы | **Окуу**<br>Кыргызстандагы санариптештирүү тууралуу | Сүйлөмдөрдүн чегин ажыратуучу тыныш | Блогер өзүнүн блогуна макалаларды жазат, сүрөттөрдү жарыялайт, видео |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| санариптештирүү (Билл Гейтс «Microsoft», Стив Джобстун (Apple) мисалында).<br>Кыргызстандагы санариптештирүү.<br>Социалдык тармактардын коомдогу ролу.<br>Медиасабаттуулук | санариптештирүү тууралуу маалыматтарга өз мамилесин билдирет, чечим чыгарат.<br><br>**Маалыматтык интенциялар:**<br>Кыргызстандагы санариптештирүү зарылдыктарын белгилейт.<br>Медиа сабаттуулук тууралуу маалыматтарга толуктоолорду жана тактоолорду киргизет.<br><br>**Баалоочу интенциялар:**<br>Тексттеги негизги ойго (өкүнүү, колдоо, үмүттөндүрүү) баа берет. | маалыматтарга өз мамилесин билдирет, чечим чыгарат.<br>Дүйнөнү санариптештирүүнүн аталары (Билл Гейт с «Microsoft», Стив Джобс- тун (Apple) мисалында).<br><br>Темага тиешелүү маалыматтарды, ар кандай стилдеги тексттерди окуп, тексттеги негизги ойго баа бере алат; Окуган материалдын негизинде талкууга катышышат.<br>**Угуу**<br>Сүйлөп жаткан тараптын ниетин чагылдырган маанилүү маалыматты жана негизги теманы түшүнө алат;<br>**Сүйлөө**<br>Социалдык тармактардын коомдогу ролу тууралуу өз оюн кенен-кесири билдирип, көпчүлүктүн алдында сөз сүйлөйт.<br>Медиа сабаттуулук тууралуу маалыматтарга толуктоолорду жана тактоолорду киргизет.<br>**Жазуу**<br>Ар кандай стилдеги тексттерди редактирлей алат. | белгилер<br>Бир өңчөй мүчөлөрдүн, сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн тыныш белгилери.<br>Үтүр белгисинин коюлуу учурлары.<br><br>Аргументтештирилген эссе<br><br>Тексттердин түрлөрү: туташ, туташ эмес, аралаш, курама тексттер | коёт.<br>Эгерде Сиз блогдо каражат таап иштөөнү кааласаңыз, алгач ....<br>Өзүнүн блогунун катталуучуларынын санын көбөйтүү үчүн ....<br><br>Өзүңүздүн блогуңузга макалаларды, ...., ..., .... жарыяланыз.<br>Сиздин блогго кирүүчүлөрдүн саны көбөйгөндө ..... ..... ойлонууга болот.<br>*Урматтуу окуучулар,* ***..... сайтында*** *өзүңөрдүн блогуңарды ачуу үчүн, алгач, ...., ..., керек.*<br><br>*Мен үчүн бул тексттеги ... деп айтылган ой маанилүү болду. Себеби ... болгондуктан, .... деп ойлойм. Ошондуктан .... жыйынтыкка келдим.*<br>Интернет-маалыматтарын параметрлерге (эксклюзивдүүлүгү, авторитеттүүлүгү жана актуалдуулугу) ылайык баалоо;<br>Интернет-маалыматтын тексттин даярдоону жана ага шилтеме берүү маанилүү. |

## Ш. КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР

окутуунун натыйжаларынын тизмеси сунушталган.

1. **5-11-класстар үчүн күтүлүүчү натыйжалар.**
2. **Биринчи сан –** предметтик компетенттүүлүк.
3. **Экинчи сан** – мазмундук линиянын номери.
4. **Үчүнчү сан** – билим берүү натыйжалардын номери.

**8-таблица**

| Предметтик компетенттүүлүктөр / Мазмундук линиялар | **ПК 1. Кептик** | **ПК 2. Тилдик** | **ПК 3. Социомаданий** |
|---|---|---|---|
| **1-МЛ. Тил система катары** | 1.1.1. Диалогдун негизги мазмунун, анын катышуучуларынын коммуникативдик ниетин угуп түшүнөт<br>1.1.2. Коммуникативдик шартка ылайык сунушталган тема боюнча жазуу түрүндөгү продуктивдүү монолог түзөт | 2.1.5. Фонетика, орфоэпия жаатында адабий нормага жана анын варианттарына ээ.<br>2.1.6.Лексика жана фразеология жаатында адабий нормага ээ.<br>2.1.7.Орфографиянын негизги эрежелерин сактайт. | 3.1.10. Баарлашуу учурунда кеп адебинин нормаларын сактоо менен түрдүү диалогдорго катышат. |
| **2-МЛ.** Кепти кабыл алуу жана продуктивдүү кеп жаратуу | 1.2.3. Текстти окуганда андагы камтылган негизги жана кошумча маалыматты жетиштүү деңгээлде толук, так жана терең түшүнөт. | 2.2.8. Кырдаалдык-тематикалык минимумдун алкагында баарлашуу кырдаалдарында пайда болуучу ниеттенүүлөргө ылайык айтылган сөздү, сүйлөмдөрдү жазууда грамматикалык жана лексикалык көндүмдөрдү колдонот | 3.1.11. Темага жана коммуникативдик шартка ылайык репродуктивдүү жана продуктивдүү мүнөздөгү монологдорду түзөт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3-МЛ.** Баарлашуунун социомаданий өзгөчөлүктөрү | 1.3.4. Монолог кепте камтылган маалыматты: теманы, билдирүүнүн ар бир маанилик бөлүгүнүн негизги жана кошумча маалыматын жетиштүү деңгээлдеги толук жана тактык менен угуп түшүнөт. | 2.3.9. Сунушталган темага жана коммуникативдик берилген шартка ылайык байланыштуу кепти өз алдынча жаратат. | 3.2.12. Кыргыз элинин жана башка элдердин турмушунун жана маданиятынын улуттук өзгөчөлүктөрүн, гендердик теңчиликтин, социалдык инклюзиянын жана басмырлабоонун принциптерин билет<br><br>3.3.13. Коомдо калыптанган социалдык жана илимий чөйрөлөрдөгү жүрүм-турум нормаларына ылайык баарлашууга катышуучулардын социалдык ролдорун өзүнө карата колдонот. |

**Класстар боюнча билим берүү жыйынтыктары жана көрсөткүчтөр**

**Биринчи сан** – предметтик компетенттүүлүктөр: 1-тилдик; 2-кептик; 3-социомаданий.
**Экинчи сан** – мазмундук линиялар:
1– Тил система катары
2 – Кепти кабыл алуу жана продуктивдүү кеп жаратуу
3 – Баарлашуунун социомаданий өзгөчөлүктөрү
**Үчүнчү сан** – билим берүү натыйжаларынын номуру.

Ар бир кийинки класстын көрсөткүчтөрүнүн тизмеси мурунку класстардын көрсөткүчтөрүн камтыйт жана горизонталдык жана вертикалдык прогрессияны көрсөтөт. Көрсөткүчтүн биринчи саны классты көрсөтөт. Экинчи сан – көрсөткүчтүн номери.

## 5. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО:

### 1) БААЛООНУН ФОРМАЛАРЫ

**Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары жана ченемдери.**

**Экинчи тил катары кыргыз тили предметинде окуучулардын жетишкендиктерин баалоо**

«Кыргыз тили экинчи тил катары» предмети боюнча сабактарда окуучулардын жетишкендиктерин баалоо күтүлгүчү натыйжалар менен тыгыз байланышкан жана көрсөткүчтөргө негизделет. Класстагы баалоо объектилери болуп билим алуудагы окуучулардын жекече жетишкендиктери менен өсүшү саналат.

**Баалоонун негизги принциптери**

Окуучуларды баалоодо мугалим *калыстык, ишеничтүүлүк, жарамдуулук* сыяктуу негизги принциптерди жетекчиликке алышы зарыл.

*Калыстык*. Калыстык принциби бардык окуучулар бирдей шартта окшош сыноодон өтүшүн талап кылат. Маалыматтарды текшерүү калыстыгы мугалим үчүн дагы, бардык окуучулар үчүн дагы баалоонун так критерийлеринин болушун туюндурат.

*Ишеничтүүлүк*. Ишеничтүүлүк принциби ошол эле белгини кайталап өлчөөдө бирдей натыйжа алууга мүмкүнчүлүк берген педагогикалык баалоонун тактыгын билдирет.

*Жарамдуулук* – бул башка нерсе эмес, чын эле өлчөөгө тийиш болгон нерсе өлчөнүп жаткандыгын көрсөткөн баалоо усулунун аныктыгы.

**Баалоонун түрлөрү**

Окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктери менен өсүшүн өлчөө үчүн баалоонун үч түрү колдонулат:

**диагноздоочу, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу** (1-схема).

**Диагноздоочу баалоо**

Прогресске баа берүү үчүн мугалим окуу жылы ичинде жетишилген натыйжалар менен окуучунун билгиликтеринин баштапкы калыптануу деңгээлине салыштыруу жүргүзөт. Диагноздоочу баалоонун натыйжалары сыпаттоо түрүндө катталып, жалпыланат жана мугалимдин окутуу милдеттерин аныкташына, окуучуга берилүүчү тапшырмаларды берүү жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизишине жана аны өркүндөтүшүнө негиз болот.

**Калыптандыруучу баалоо**

Калыптандыруучу баалоонун максаты – окуучунун жетишкендиги менен материалды жекече өздөштүрүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо, ошондой эле окуучунун ийгиликке жетиши үчүн сунуштарды иштеп чыгуу. Мугалим калыптандыруучу баалоону окутуунун жүрүшүнө өз убагында түзөтүү, пландоого өзгөртүү киргизүү үчүн пайдаланса, ал эми окуучу өзү аткарган иштин сапатын жакшыртуу үчүн пайдаланат. Окуучунун жөндөм деңгээли эмес, ал аткарган конкреттүү иш бааланат.

Окутуунун аралык натыйжаларын баалоодо окуучулардын өзгөчөлүктөрү (ишти аткаруу тездиги, теманы өздөштүрүү жөндөмү ж.б.) эске алынып, окуучулардын жетишкендиктери менен өсүштөрүнө көңүл бурулат. Окуучунун өсүшү билим берүү тармагы менен предметтердин алкагындагы окутуу максаты болуп саналган белгилүү натыйжаларга жетүү катары аныкталат. Журналга баа зарылдыгына карай коюлат (катталат), мугалим окуучунун жекече өсүшүнө жүргүзгөн байкоолорун белгилейт.

**Жыйынтыктоочу баалоо**

Жыйынтыктоочу баа берүү окутуунун ар бир баскычында пландалуучу натыйжаларга окуучулардын жетишүү даражасын аныктоо үчүн кызмат кылып, *утурумдук, аралык жана жыйынтыктоочу* баалоодон түзүлөт.

- *Утурумдук* баалоо. Жекече аткарылган тапшырмаларды *утурумдук баалоо* баа берүү ченемдери (туура чечимдердин саны, кетирилген каталардын саны, тариздөө эрежелеринин сакталышы ж.б.) менен мугалим жана/же окуучулардын өздөрү берген өзүнчө ишти аткаруу критерийлерине жараша жүргүзүлөт. Мугалим окуучулардын окуу материалын өздөштүрүүдөгү өзгөчөлүктөрүнө жараша утурумдук баалоо жүргүзөт.
- *Аралык баалоо* предметтик стандартта аныкталган иштердин түрүнүн негизинде жүргүзүлөт:
  - кат жүзүндөгү иштер/булактар менен иштөө;
  - оозеки жооп /жүзачар;

- долбоор, изилдөө иши, иштердин бөтөнчө түрлөрү;
- портфолио (жетишкендиктер папкасы) ж. б.

Иштердин бардык түрлөрү баалоо критерийлеринин негизинде бааланып, милдеттүү болуп саналат жана мугалим тарабынан баалоо планын иштеп чыгууда алдын ала пландалат.

- *Жыйынтыктоочу баалоо* мектеп календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы) ылайык жүргүзүлүп, аракеттеги ченемдер менен баалоонун иштелип чыккан критерийлерге жараша жазуу түрүндө аткарылат.

1) Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана жыйынтыктоочу баалоодогу салыштырма катыш окутуу баскычтары менен предметтердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталат. Иштердин формасынын ар түрдүүлүгүн мугалим окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алып аныктайт.
2) **ДЕҢГЭЭЛДИК БААЛОО**

Окутуунун жыйынтыктарын пландаштырууда жана окуудагы жетишкендиктерин баалоодо эске алынуучу негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу үч деңгээлге бөлүнөт *(Мамлекеттик билим берүү стандарты 2022-ж. 22-июль, № 393 Токтому I-тиркеме):*

**1. Репродуктивдүү деңгээл** окуучулардын үлгүлөрдү (аракеттерди аткаруунун белгиленген алгоритмин) туурап үйрөнгөнү менен мүнөздөлөт; окуучулар иш-аракетти

үлгү менен аткаруу, сунушталган иш кадамдарынын ирети боюнча иштөө көндүмү менен сыпатталат (Б.Блумдун таксономиясы боюнча “билүү”, “түшүнүү”);

**2. Продуктивдүү деңгээл** курамы боюнча жөнөкөй ишти аткаруу, иштин өздөштүргөн алгоритмин жаңы кырдаалда колдонуу жөндөмдүүлүгү менен мүнөздөлөт.

Продуктивдүү (конструктивдүү) деңгээлде курамы боюнча ишмердүүлүктүн мурда билген түрүн өз алдынча аткаруунун алгоритмин кырдаалга жараша колдонуу, талдоо жөндөмүн сыпаттайт; (Б.Блумдун таксономиясы боюнча “колдонуу”, “талдоо-анализ”, “топтоо-синтез”);

**1. Креативдүү деңгээл** өз алдынча конструкциялоо жана негиздөө элементтери менен курамы татаал ишти жүзөгө ашырууну болжолдойт.

Креативдүү-чыгармачылык деңгээлде татаал курамдуу ишмердүүлүктү өз алдынча түзүү жана аны негиздөө менен ишке ашыруу болуп эсептелет.

“Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин кыргыз тили” предметтик стандартынын талаптарына ылайык,
Предметтик стандарт башталгыч жалпы, негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн жыйынтыктарына коюлган
Предметтик стандарт билим берүү тармагынын ичинде уланмалуулукту жана ырааттуулукту камсыз кылат. Мамлекеттик жана предметтик стандарттардын талаптарында белгиленген билим берүүнүн натыйжаларына ээ болгон бүтүрүүчүнүн төмөнкү **модели** түзүлөт:

1) башталгыч жалпы модель
2) негизги жалпы модель
3) жалпы орто модель.

**Негизги жалпы билим берүүнүн бүтүрүүчүсүнүн модели:**

- **Тил билүү деңгээлдери:**

- Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде ***кыргыз тили*** - А2+ (баштапкы орто, тил чөйрөсү жок болгондо), В1 (орто, тил чөйрөсү бар болгондо) деңгээлде окутулат;
- коомдо жашоонун социалдык жапа маданий ченемдерин колдонуу учун зарыл билимге жана көндүмдөргө ээ (үй-бүлө, достор, коомдук жана мамлекеттик түзүмдөр менен өз ара аракеттенүү);
- окуу чөйрөсүндөгү жана коомдогу проблемалуу кырдаалдарды чече алат, өз чечимдеринин кесепеттери үчүн жоопкерчиликти өзүнө ала алат;
- негизделген чечимдерди кабыл алуу үчүн ар кандай булактардан маалыматтарды өз алдынча издөөнү, иштеп чыгууну, анын ичинде маалыматтык технологияларды пайдалануу менен талдоону жүзөгө ашырат;
- өз алдынча окуу, эксперименталдык, практикалык иштерди уюштуруу көндүмдөрүнө ээ;
  - интернет тармагында маалыматты издөө ыкмаларын билет;
  - окуу жана башка иштерди аткаруу үчүн маалыматтык- коммуникациялык технологиялардын инструменттерин (МКТ- сабаттуулук) билет;

  медиасабаттуулуктун негиздерин билет, маалыматты алуу, чечмелөө, берүү жөндөмүнө ээ, анын ичинде электрондук форматта;
  электрондук маалымдамаларды, энциклопедияларды, мультимедиялык окуу курстарын ишенимдүү колдонот;
  сергек жана коопсуз жашоо мунөзүнүн көндүмдөрүнө, экологиялык жоопкерчиликтүү жүрүм-турумга ээ;
  тандалган багыт боюнча көркөм-колдонмо чыгармачылык искусствосунун көндүмдөрүнө ээ;

**Жалпы орто билим берүү программалары боюнча окутуунун негизги максаты** профилдик **болуп саналат жана окуучулардын билим алууну улантуу жана өзүнүн жарандык милдеттерин аткаруу үчүн жетиштүү деңгээлде негизги жана предметтик компетенттүүлүккө ээ болуусуна багытталган.**

**Жалпы орто билим берүүнүн бүтүрүүчүсүнүн модели:**

**Мамлекеттик жана предметтик билим берүү стандарттарынын талаптары менен аныктаган деңгээлде жалпы орто билим берүүнүн мазмунуна жана кесиптик кызыкчылыктарга жана жөндөмдөргө ылайык профилдик окутуунун мазмунуна ээ;**

- жогорку таанып-билүүчүлүк мотивацияга, кесипти аң-сезимдүү тандоо жөндөмүнө ээ, кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүгө даяр;
- иштин ар кандай түрлөрүн (окуу, эмгектик) жүргүзө алат: пландоо, долбоорлоо, моделдөө, болжолдоо, изилдөө, ошондой эле окуунун жана өз алдынча окуунун рационалдуу ыкмаларына ээ;
- келечектеги кесиби үчүн керектүү окуу милдеттерин чечүү үчүн ар кандай коммуникативдик билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ, баарлашуу (иштиктүү, жеке) ыкмаларын билет;

**Тил билүү деңгээлдери:**

- Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде *кыргыз тилин* B1 (орто, тилдик чөйрө жок болгондо), B1+ (ортодон жогору, тилдик чөйрө бар болгондо) деңгээлдерде окутулат.
- интернет-сервистери менен иштөөнүн негизги принциптерин билет (электрондук почта, социалдык тармактар ж.б.);
- турмуштук көйгөйлөрдү чечүүдө жана өзүнүн окуусунун натыйжалуулугун жогорулатууда санариптик технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн ийгиликтүү колдонот;
- маалыматтарды иштеп чыгуу үчүн программаларды (тизмелер, таблицалар, массивдер) түзөт;
- сергек жана коопсуз жашоо мүнөзүнүн көндүмдөрүнө, экологиялык жоопкерчиликтүү жүрүм-турумга ээ.
- өзүн-өзү ишке ашыруу, өзүн-өзү таанып билүү, өзүн-өзү сыйлоо, өзүн-өзү көзөмөлдөө жөндөмүнө ээ;
- өзүнүн физикалык, психикалык жана адеп-ахлактык саламаттыгын сактоо жана өнүктүрүү боюнча турмуштук стратегияга ээ;
- бир жана /же бирден ашык кесипти өздөштүргөндүгүн ырастаган сертификаты бар.

| | **Деңгээлдер** | **Тилдик чөйрө жок кырдаалда** | **Тилдик чөйрө бар кырдаалда** |
|---|---|---|---|
| **6. Башталгыч жалпы модель** | A1 элементардык | 1 – 4 - класстар | |
| | A1+ элементардык | | 1 – 4-класстар |
| **7. Негизги жалпы модель** | A2 + баштапкы орто | 5 – 9- класстар | |
| | B1– орто | | 5– 9-класстар |
| **8. Жалпы орто модель** | B1 орто | 10–11-класстар | |
| | B1+ ортодон жогорку | | 10 –11-класстар |

**Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо жана анын критерийлери**

**1) Сүйлөө - оозеки жоопторду баалоонун критерийлери (монологдор, диалогдор, долбоор иштери)**

Оозеки жооптор беш критерий боюнча бааланат:

1. **Мазмун** (иштин берилген көлөмүн сактоо, темадан четтебөө, тапшырмада берилген бардык аспекттерди камтуу, тапшырманын түрүнө ылайык кептин стилин, адеп эрежелерин сактоо, аргументациялоо тиешелүү денгээлде).

2. **Маек куруучу** менен өз ара аракеттенүү (маекти логикалуу жана байланыштуу кура алуу, репликалар менен алмашууда кезекти

сактай алуу, суроолорго аргументтүү жоопторду бере алуу, маекти баштай алуу жана аны уланта алуу, ал эми маек үзүлүп калган учурда кайрадан аны кура алуу, тактоо, суроо берүү);

3. **Лексика** (сөздүк кор тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдет**ке ылайык);**

**4. Грамматика** (ар түрдүү грамматикалык конструкцияларды колдонуу тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдеттерге ылайык);

5. **Тыбыштардын айтылышы** (кыргыз тилинин тыбыштарын туура айтуу, сүйлөмдөрдө туура интонацияларды сактоо).

| **Баа** | **Мазмун** | **Коммуникативдик өз ара аракеттенүү** | **Лексика** | **Грамматика** | **Айтылышы** |
|---|---|---|---|---|---|
| «5» | Берилген көлөм сакталган. Айтылган ойлор темага ылайык, тапшырмадагы бардык аспекттер чагылдырылган, кептин стили тапшырманын түрүнө ылайык, аргументациялоо тиешелүү деңгээлде, адеп эрежелери сакталган. | Маектешүүчүнүн репликаларына туура жооп кайтарат. Коюлган коммуникативдик милдеттерди чечүү үчүн кеп демилгеси бар. | Лексика тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдетке ылайык. | Ар түрдүү грамматикалык конструкциялар-ды колдонуу тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдеттерге ылайык. Сейрек кездешүүчү грамматикалык каталар коммуникацияга тоскоолдук кылбайт. | Кеп кадимки табигый темпте айтылат, орой фонетикалык каталар жок. |
| «4» | Берилген көлөм анча толук эмес. Айтылган ойлор темага ылайык, тапшырмадагы кээ бир аспекттер чагылдырылган, кептин стили тапшырманын түрүнө ылайык, аргументациялоо дайыма эле тиешелүү деңгээлде эмес, бирок адеп эрежелери сакталган. | Коммуникация бир аз кыйынчылыктар менен жүргүзүлөт. | Лексикалык каталар окуучунун кебин кабыл алууга бир аз тоскоолдук жаратат. | Грамматикалык каталар окуучунун кебин кабыл алууга бир аз таасир этет. | Кеп кээде жөнсүз паузаларга ээ. Кээ бир сөздөрдө фонетикалык каталар кетирилет (кыргыз тилинин фонемалары орус тилиндеги окшош фонемалар менен алмаштырылат). Жалпы интонацияга өз эне тилинин таасири байкалып турат. |
| «3» | Айтылган ойлордун көлөмү анча чоң эмес жана алар толук бойдон темага дал келбейт; тапшырмадагы кээ бир аспекттер чагылдырылган эмес, кептин стили тапшырманын түрүнө кээ бир учурларда ылайык эмес, аргументациялоо тиешелүү деңгээлде эмес, адеп эрежелери сакталган эмес. | Коммуникация бир кыйла кыйынчылыктар менен жүргүзүлөт. Окуучу-нун кептик демилгеси жок. | Окуучунун орой лексикалык каталары абдан көп. | Окуучунун орой грамматикалык каталары абдан көп. | Фонетикалык каталардын көптүгүнөн окуучуунун кеби кыйынчылык менен кабыл алынат. Жалпы интонацияга өз эне тилинин таасири байкалып турат. |
| «2» | Окуучу тапшырманын маанисин түшүнбөйт. Тапшырмадагы | Коммуникативдик милдет ишке ашырылган | Окуучу өз оюн | Окуучу сүйлөмдөрүн грамматикалык жактан туура | Окуучунун кебин түшүнүү мүмкүн эмес. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | аспекттер эске алынган эмес. | эмес. | билдирген сүйлөмдөрдү түзө албайт. | түзө албайт. | |

**Окуп түшүнүүнү баалоо критерийлери**

Окууну ийгиликтүү өздөштүрүүнүн негизги көрсөткүчү болуп окулган тексттен керектүү маалыматты бөлүп чыгаруу болуп саналат. Биз жашоодо тексттерди керектүү маалыматтарды табуу үчүн ар кандай милдеттерди коюп окуйбуз. Буга байланыштуу окуунун төмөнкү түрлөрүн айырмалап жүрүшөт: тексттеги негизги мазмунду жана фактыларды түшүнүү, тексттеги маалыматты толук түшүнүү, тексттен же бир нече тексттерден керектүү маалыматты табуу. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн практикалык максаты бул тилде эркин баарлашуу болгондон кийин, окуучулар окуунун бардык түрлөрүн өздөштүрүшү керек.

**Окуп түшүнүүнүн** түрлөрү:

1. **Маалымат менен таанышуу**, мындай окууда тексттеги маалыматтын негизги мазмунун түшүнүүгө басым жасалат;
2. **Изилдеп окуу**, маалыматтын мазмунун толук түшүнүүгө, анын контексттеги ойду алып чыгуу, ичиндеги деталдарды да изилдөөгө багытталган окуу;
3. **Карап чыгуу –** окуунун мындай түрүндө тексттен керектүү же окурманды кызыктырган маалыматты табуу негизги максат болуп саналат.

Албетте, окуунун ар бир түрү менен байланышкан билгичтиктердин өздөштүрүлүшүн өзүнчө текшерүү керек.

**Маалымат менен таанышуу (негизги мазмунду түшүнүү)**

| **Баа** | **Критерийлер** | **Окуунун ылдамдыгы** |
|---|---|---|
| «5» | Тексттин негизги мазмунун түшүнүү, негизги ойду, негизги фактыларды бөлүп көрсөтүү, тааныш эмес сөздөрдүн маанисин контекст же сөз жасоочу элементтер же өз эне тилиндеги окшоштуктар аркылуу билүү. | Окуу ылдамдыгы өз эне тилинде окуганга салыштырмалуу жайыраак. |
| «4» | Тексттин негизги мазмунун түшүнүү, негизги ойду бөлүп көрсөтүү, кээ бир фактыларды аныктоо. Тил зээндүүлүгү анча өнүккөн эмес, кээ бир тааныш эмес сөздөрдүн маанисин түшүнүүдө кыйналуу. | Окуу ылдамдыгы өз эне тилинде окуганга салыштырмалуу бир аз жай. |
| «3» | Окулган маалыматтагы негизги мазмунду толук түшүнүү жок, тексттен анча көп эмес фактыларды бөлүп көрсөтүү, тил зээндүүлүгү таптакыр өнүккөн эмес. | Окуу ылдамдыгы өз эне тилинде окуганга салыштырмалуу бир кыйла жай. |
| «2» | Текстти түшүнүү жок же мазмунду туура эмес түшүнүү, фактыларды аныктоодо, тааныш эмес лексиканын маанисин | Окуу ылдамдыгы өз эне тилинде окуганга салыштырмалуу өтө эле |

| | | |
|---|---|---|
| | ачуу жолдоруна ээ эмес. | жай. |

**Изилдеп окуу (мазмунду толук түшүнүү, анын ичиндеги деталдарды да изилдөө)**

| Баа | Критерийлер |
|---|---|
| «5» | Окуучу татаал эмес текстти (публицистикалык, илимий-популярдуу, туристтерге арналган малыматты, нускамаларды) толук түшүндү. Окулуп жаткан тексттин мазмунун түшүнүү үчүн белгилүү ыкмаларды колдонду (маанисин табуу, анализ жүргүзүү). |
| «4» | Текстти толук түшүндү, бирок көп учурда сөздүккө кайрылып жатты. |
| «3» | Текстти толук түшүнгөн жок, анын мазмунун иштеп чыгуунун ыкмаларына ээ эмес. |
| «2» | Окуучу текстти түшүнгөн жок, сөздүктөн тааныш эмес сөздөрдү кыйынчылык менен табат. |

**Карап чыгуу (керектүү же кызыктырган маалыматты табуу)**

| Баа | Критерийлер |
|---|---|
| «5» | Окуучу татаал эмес текстти же бир нече тексттерди (поезддердин жүгүртмөсү, меню, телекөрсөтүүлөрдүн программасы же башка ар кандай темадагы анча көлөмдүү эмес тексттер) тез карап чыгып, керектүү маалыматты таба алат. |
| «4» | Текстти тез эле карап чыгат да, бирок керектүү маалыматтын 2/3 бөлүгүн гана таба алат. |
| «3» | Окуучу берилген тексттен же тексттерден керектүү маалыматтын 1/3 бөлүгүн гана таба алат. |
| «2» | Окуучу тексттен эч кандай керектүү маалыматты таба албайт. |

**2) Жазуу иштерин баалоо критерийлери**

Жазуу иштери үчүн (жат жазуу, тесттер, сөздүк диктанттар) баа туура жооптордун пайыздарынан эсептелип алынат:

| Жазуу иштердин түрлөрү | Текшерүү иштер | Тесттер, сөздүк диктанттар |
|---|---|---|
| «2» деген баа | 49% жана андан аз | 59% жана андан аз |
| «3» деген баа | 50% дан 9% чейин | 60% дан 74% чейин |
| «4»деген баа | 70% дан 90% чейин | 75% дан 94% чейин |
| «5» деген баа | 91% дан 100% чейин | 95% дан 100% чейин |

Чыгармачыл жазуу иштери ( эссе, дил баян, долбоор, кат ж. б.) төмөнкү беш критерийлер боюнча бааланат:

1.*Мазмун* (иштин берилген көлөмүн сактоо, темадан четтебөө, тапшырмада берилген бардык аспекттерди камтуу, тапшырманын түрүнө ылайык кептин стилин, адеп эрежелерин сактоо, аргументациялоо тиешелүү денгээлде).

2. *Иштин структурасы* (логикалуулук, жазуу түрүнүн форматын сактоо, текстти абзацтарга бөлүү).

3. *Лексика* (сөз кору тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдетке ылайык).

4. *Грамматика* (ар түрдүү грамматикалык конструкцияларды колдонуу тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдеттерге ылайык).

5. *Орфография жана пунктуация (*орфографиялык каталардын жоктугу, пунктуациянын негизги эрежелерин сактоо: сүйлөмдөр баш тамга менен жазылып башталат, ар сүйлөмдүн аягында чекит же суроо, илеп белгилери коюлган, ошондой эле үтүр коюунун негизги эрежелери сакталган).

**Градация**

| **Баа** | **Баалоо критерийлери** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Мазмун | Структура | Лексика | Грамматика | Орфография жана пунктуация |
| «5» | Коммуникатив-дик милдет толук ишке ашырылган. | Бардык ойлор ырааттуу жайгаштырылган, логикалык байланыштар колдонулган, формат сакталган жана текст абзацтарга бөлүнгөн. | Лексика тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдетке ылайык. | Ар түрдүү грамматика-лык конструкция-ларды колдонуу тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдеттерге ылайык же коммуника-тивдик милдетти ишке ашырууга тоскоолдук кылбайт. | Орфографиялык каталардын жоктугу, пунктуациянын негизги эрежелерин сактоо: сүйлөмдөр баш тамга менен жазылып башталат, ар сүйлөмдүн аягында чекит же суроо, илеп белгилери коюлган, ошондой эле үитүр коюунун негизги эрежелери сакталган. |
| «4» | Коммуникатив-дик милдет толук ишке ашырылган. | Бардык ойлор ырааттуу жайгаштырылган, логикалык байланыштар колдонулган, формат сакталган жана текст абзацтарга бөлүнгөн. | Лексика тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдетке ылайык, бирок орой эмес каталар бар. | Ар түрдүү грамматика-лык конструкция-ларды колдонуу тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдеттерге ылайык же коммуника-тивдик милдетти ишке ашырууга бир аз тоскоолдук кылат. | Бир аз орфографиялык каталар бар, пунктуациянын негизги эрежелерин сактоо: сүйлөмдөр баш тамга менен жазылып башталат, ар сүйлөмдүн аягында чекит же суроо, илеп белгилери коюлган, ошондой эле үтүр коюунун негизги эрежелери сакталган. |
| «3» | Коммуникатив-дик милдет ишке ашырылган. | Ойлор ыраттуу эмес жайгаштырылган, логикалык байланыштар туура | Кээ бир учурларда лексика жөнсүз колдонулган. | Орой грамматика-лык каталар бар. | Орфографиялык каталар бар, пунктуациянын негизги эрежелери кээ бир учурларда сакталбаган: бардык сүйлөмдөр баш тамга менен жазылган |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | эмес колдонулган, бирок формат сакталган. Текст абзацтарга туура эмес бөлүнгөн. | | | эмес, кээ бир сүйлөмдүн аягында чекит же суроо, илеп белгилери коюлган эмес, ошондой эле үтүр коюунун негизги эрежелери бузулган. |
| «2» | Коммуникатив-дик милдет ишке ашырылган эмес. | Ойлор ырааттуу эмес жайгаштырылган, логикалык байланыштар колдонулган эмес, формат сакталбаган. Текст абзацтарга бөлүнгөн эмес. | Лексиканы колдонуу боюнча абдан көп каталар бар. | Абдан көп грамматика-лык каталар бар. | Орфографиялык каталар көп, пунктуациянын негизги эрежелери сакталбаган: көп сүйлөмдөр баш тамга менен жазылган эмес, көп сүйлөмдөрдүн аягында чекит же суроо, илеп белгилери коюлган эмес, ошондой эле үтүр коюунун негизги эрежелери бузулган. |

Монологдук кепти угуу үчүн сунушталган тексттин көлөмү 500-600 сөздөн болушу керек. Бул тексттеги тааныш эмес сөздөрдүн саны: 3% чейин. Кептин темпи – мүнөтүнө 210 – 230 муун. Угуу көндүмүн калыптандыруу үчүн текстти 1-2 жолу уктуруу талап кылынат.
Диалогдук кепти угуу үчүн сунушталган тексттин көлөмү 10-12ден кем эмес кеңейтилген репликалар. Тексттеги тааныш эмес сөздөрдүн саны 2% чейин болушу мүмкүн. Кептин темпи – мүнөтүнө 210 – 230 муун. Диалогдук кепти угуп түшүнүү көндүмүн калыптандыруу үчүн текстти 1-2 жолу уктуруу керек. Окуучунун сүйлөө көндүмүн калыптандыруу үчүн мугалим сабактын темасына ылайык өз алдынча монологдук кеп курууга талаптар менен иштейт:
Окуучунун сүйлөө көндүмүн калыптандыруу үчүн мугалим сабактын темасына ылайык өз алдынча **диалогдук** кеп курууга **критерийлер** менен иштейт:
Аңгемелешүүчүнүн айткан сөздөрүнүн мазмунун түшүнөт жана анын айткандарына жооп кайтарат;
Сунушталган тема боюнча кырдаалдагы баарлашууну расмий жагдайда жана расмий эмес жагдайда демилгелейт.
Окуучунун сүйлөө көндүмүн калыптандыруу үчүн мугалим сабактын темасына ылайык өз алдынча **монологдук кеп** курууга **критерийлер** менен иштейт:
Окуган же уккан маалыматтын мазмунун айтып берет жана ал тууралуу өтмө кептик темаларга ылайык өз оюн билдирет;
Окуу көндүмүн калыптандырууда мугалим сабактын темасына ылайык **окуп түшүнүүсү боюнча критерийлер программада сунушталган кептик темаларга ылайык** өз алдынча тексттердин темасын жана идеясын аныктап иштешет:

- көркөм, илимий-популярдуу, публицистикалык тексттерди коммуникативдик багытты эсепке алуу менен окуп түшүнөт.

Алардагы негизги да, кошумча да маалыматтарды бөлүп көрсөтөт.
Жазуу көндүмүн калыптандырууда мугалим сабактын темасына ылайык өз алдынча **жазганын критерийлер** менен баалайт:
Сунушталган тема боюнча (мисалы, досу, таанышы, тууганы, адам жана коом, укук, социалдык көйгөйлөр, жөнүндө) баяндоо тексттер формасында жазат.
Сунушталган тема боюнча окуган текстинин негизинде жазуу формасында билдирүү тексттерди (мисалы: өзү жөнүндө маалымат берүү, өмүр баяны, таржымал ж.б.) даярдайт, эссе (сүрөттөөчү, баяндоочу, ой жүгүртүүчү) жазат, Окуучулардын **жазуу тексттери** 20дан кем эмес сүйлөмдөн турат.

## 6. ОКУТУУНУН НЕГИЗГИ МЕТОДДОРУ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

### 6.1. Коммуникативдик-функционалдык технологиясын ишке ашыруу принциптери

Экинчи тилди окутууга коммуникативдик багыттагы мамиле керек. Коммуникативдик мамилени ишке ашыруу үчүн бир нече принцип бар.

Ал принциптер төмөндөгүчө мүнөздөлөт.

1) Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуудагы усулдук принциптердин катарында деңгээлдерде окутуу прицибинин ролуна, тактап айтканда, кыргыз тилин үйрөтүүнүн беш баскычтагы системалык-деңгээлдик принцибине айрыкча маани берилет. Бул принцип дидактиканын жеткиликтүүлүк же окуучунун жаш өзгөчөлүгүн эске алуу принциби менен да дал келет. Баланын жаш өзгөчөлүктөрүнө, класстардын деңгээлине карап, окуу материалдарын тилдик көндүмдөрдүн түрлөрүнө бөлүп берүү ишке ашат. Ар бир курактын алдындагы тилдик жана коммуникативдик милдеттер такталат. Аларга ылайык кайсы баскычта ким кандай деңгээлде сүйлөй алары белгиленет, ал баскычтардын тилдик жана коммуникативдик талаптары, милдеттүү критерийлери аныкталат, сүйлөшүү сфералары, лексикалык, грамматикалык, кырдаалдык минимумдар иштелип чыгат.

Баскычтар дагы бирин-бири улантткан системалуу, бирдиктүү, А1, А2 жана Б1 аттуу деңгээлдерге бөлүнөт да, өз-өзүнчө максаттуу дидактикалык мүнөздөмөлөргө ээ болот. Бул деңгээлдер кыргыз тилин үйрөтүүнүн мектептик программасынын мазмунун, мектептик стандартынын толук көлөмүн аныктайт. Ошону менен бирге, 11-класстын бүтүрүүчүсү кыргыз тилин үйрөнүүдө мектеп стандартынын көлөмүнө жана деңгээлине ээ болуу менен, кыргыз тилин ортодон жогорку деңгээлде өздөштүргөнү туурасындагы сертификатка ээ болот.

Аталган сертификат орто жана жогорку окуу жайларда кыргыз тилин улантып окууда эске алынат. Мунун өзү мектепте кыргыз тилин он бир жыл бою окуп-үйрөнүп, бирок орто жана жогорку окуу жайларына барган башка улуттун балдарынын кайрадан баштооч топтон максатсыз окуп баштоосуна бөгөт болот. Анткени аталган окуу жайларда кыргыз тилин экинчи тил катары ар бир кесиптик багыттарга жараша үйрөнүүнүн Б2 жогорку жана С1, С2 академиялык жана жетик деңгээлдери улантылууга тийиш.

Деңгээлдерди мындай бөлүп алуу менен, окуу материалдарын *жөнөкөйдөн – татаалга, жеңилден – оорго жана оордон-адымдоого, ошону менен бирге, белгилүүдөн – белгисизге, белгисизден-чыгармачылыкка* карай жайгаштыруу ишке ашырылат. Мунун өзү усулдук ыкма гана эмес, бул окутуунун натыйжалуулугуна карай багытталган принциптүү мамиле болмокчу.

2) Баарлашууга багыт берүүчүлүк принциби – кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун башкы максаты болгон анын практикалык максатын ишке ашырууга багытталган жетектөөчү усулдук принцип болуп саналат. Ал кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөнүүдө кеңири орун алуу менен, окуу китептери, окуу-усулдук комплекстерин түзүүдө жетекчиликке алынат. Сабактар да ушул багытта уюштурулат. Бул принцип грамматикага үйрөнүү менен эмес, сүйлөшүп баарлашууга үйрөтүү багытын көздөйт жана окуу процессин ошол багытта уюштурууну максат кылат. «Коммуникативдүүлүксүз бүгүнкү усул жок» – деген багытты бекем карманат.

Бул принциптин дагы бир артыкчылыгы – кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун багытын гана эмес, анын бүткүл мазмунун да аныктагандыгында, оозеки, жазуу түрүндөгү кыргызча баарлашуу кандайча жүргүзүлө тургандыгын, анын жолдорун ыкмаларын да көрсөтүп берет.

3) Окутуунун кырдаалдык-тематикалык принциби – бул, «сүйлөөгө үйрөнүүнүн бүткүл иш-аракети кырдаалдардын негизинде

жана анын жардамы менен гана жүргүзүлөт» дегенди түшүндүрөт.

«Кырдаал» - деген сүйлөшүп пикир алышуучу адамдардын өз ара мамилелешүүсүнүн системасын, адамдардын сүйлөшүп ой жүгүртүү иш-аракеттерин практикага ашыруучу учурларды сүйлөшүүнүн жүрүшүн жүзөгө ашыруучу негизги ыкма да болуп саналат.

Эгер «мотив» - баланын жүрүм-турум аракеттерин, теориялык жана практикалык ишкердүүлүктөрүн аракетке келтире турган себептердин системасы болсо, «кырдаал» түшүнүгү алардын ички талаптарынын, көз карашынын, кызыкчылыктарынын, эмоцияларынын натыйжасында келип чыгуучу тил үйрөнүүгө болгон ички талабынын жаралышын шарттайт.

4) Окуучунун эне тилиндеги өзгөчөлүгүн эсепке алуу принциби да кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу процессинде өзгөчө ролду ойнойт. Анткени ал аркылуу окуу материалдарын тандоодо, атап айтканда, лексикалык, грамматикалык материалдарды тандоодо кыргыз эмес балдардын эне тилинде буюмдардын, көрүнүштөрдүн аталыштарын, аларды өздөштүрүү жана жазуу, оозеки жумуштарды аткара алуу деңгээлин ж.б. окуу процессинде туура, натыйжалуу пайдалануу баланын кабыл алуусуна, өздөштүрүүсүнө оң гана таасир берери шексиз. Ошондой эле, кыргыз тилинин грамматикалык-фонетикалык материалдарын да окуу программасында жана окуу китептеринде берүүдө аларды окуучулар эне тили сабагында дал ошол учурда өздөштүргөнү, же өздөштүрө электиги сөзсүз эске алынат. Ошону менен катар, бул принциптин дагы бир өзгөчөлүгү мында: өзбек тили – кыргыз тилине тектеш тил экендиги, тажик тили- араб-фарсы тилдеринин тобуна, ал эми орус тили болсо славян тилдеринин тобуна кирери, алардын да бир катар тилдик жалпылыктары менен бирге айырмачылыктары да бар экени көңүлдүн борборунда болот, алардын арасындагы интерференция, транспозиция жана транслитерация кубулуштарына да таянылат.

5) Инсандын жекече тил үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнө жана кызыгуусуна таянуу принциби. Бул принцип да өтө маанилүү, анткени орус,өзбек жана тажик тилдүү мектептерде ар бир улуттун баласы кыргыз тили сабагында окуучу гана эмес, сүйлөшүүгө катышуучу жеке инсан (речевой портнёр) катары да көрүнөт. Албетте, алардын тил үйрөнүүдөгү жеке мүмкүнчүлүгү менен кызыгуусунун деңгээли ар түрдүү болору шексиз. Ошондуктан, бул факторлорду да эске алып иш жүргүзүү сөзсүз жакшы натыйжага алып бармакчы.

6) Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда жалаң эле тилдик фактылар менен чектелүүгө болбостугу жогоруда айтылды. Анткени тил аркылуу элдин тарыхы, салт-санаасы, ошондой эле баланын жашаган орду, мекени (шаар, айыл-кыштак, табият) бирге үйрөнүлөт. Ошондуктан, лингводидактикадагы мындай таанып билүү процесси окутуунун өлкө таануучулугу деп айтылат. Демек, тил үйрөнүү менен мындай таанып билүү иш-аракетин бирдикте камтыган бул лингво-улуттук маданиятты таануучулук принцибинин ролу эң эле чоң.

Бул принцип да ырааттуу иш аракетсиз жүзөгө ашырылбайт. Окуу китептерде, усулдук бардык адабияттарда, сабактагы жандуу процесстеги жазуу жана оозеки иштелип жаткан иштердин баарында бала жашаган өлкө, анын рухий жана материалдык маданияты, сүйлөшүү жана мамиле маданияты, ж.б. жөнүндөгү түрдүү маалыматтардын болушу жетектөөчү мазмундук компонент болуусу көңүлдүн борборун ээлейт.

Тилдер элдердии жакындаштырат. Окуучу балдарда да ар биринин тилине, дилине жана салт-санаасына урмат-сый мамилеси калыптанбаса, ал балдарды да эч нерсе, эч качан жакындаштырбайт.

7) Кыргыз тили сабактарында окуу материалдарын кептеги таанытуу жана коммуникативдик кызматына жараша тандап алуу принциби окутуунун практикалык максатын көздөө менен, сабакта үйрөтүлүп жаткан ар бир сөз, грамматикалык формалардын сүйлөшүүдө эмне кызмат аткарарын түшүндүрүүнү көздөйт. Чындыгында, «ар бир сөз өзүнө тиешелүү синтаксистик кызматы менен мүнөздөлөт, ал кызматын белгилүү бир грамматикалык моделдерде жана кеп үлгүлөрүндө аткарат. Ар бир модель же кеп үлгүсү өзүнө тиешелүү лексика менен толукталып турат. Мына ошентип, кеп менен грамматиканын, анын ичинде, прикладдык грамматиканын жандуу биримдиги ишке ашат.

Бул иш-аракеттер берилген сөз же грамматикалык формаларды курулай жаттап үйрөнүүгө карама-каршы турат. Окуучуга үйрөнгөн сөзүн кандай учурда, кандай максатта, кантип колдонуунун жолун көрсөтөт. Атап айтканда, ал аркылуу заттын турган ордун билдирүү, кыймыл-аракеттин кайда багытталганын айтуу, же буюмдун кимдики экендигин мындайча айтат, же болбосо, мындайча учурашып, таанышууга болот? – деген сыяктуу мотивдерге ылайык сөз жана грамматикалык формаларды тандап алып, алардын минимумдарын түзүү, лексикалык каражаттарын топтоо жана грамматикалык материалдарды ошого ылайыктап сунуш кылуу ишке ашырылат.

10 – 11-класстарда сөздүк ишти мурунку жылдарда өздөштүрүлгөн лексиканы кайталоо, бышыктоо менен лексика боюнча билимдерин кеңейтүүнүн негизинде жүргүзүү керек, окуучулардын сөздүк корун көбөйтүү үчүн көркөм адабияттын үлгүлөрүнөн алынган тексттердин лексикасын, гезит-журналдардан алынган, илимий-популярдуу макалалардан, очерктерден алынган материалдарды колдонуу керек.

Мугалим окуучуларга түшүндүрмө, фразеологиялык, ж.б. сөздүктөрдү колдонуу көндүмдөрүн калыптандыруу керек, ошондой эле окуучулар өздөрү жаңы сөздөрдүн маанисин түшүндүргөн, айрым бир учурда которгон мүнөздөгү сөздүк түзүп (же кыскача жазууларды жазып) жүрүшү жакшы. Бул сөздүккө фразеологиялык түрмөктөр, макал-лакаптар, туруктуу образдуу айтылыштар, кээ бир сөздөр менен сүйлөмдөрдүн мисалдары жазылышы сунушталат.

Программадагы пландаштырылган кептик темалар коммуникациянын түзүлүшүндө жана жогорку класстын окуучуларынын окуу жана эмгек ишмердүүлүгүндө өтө эле жыштыкта кездешүүчү кырдаалдарды камтыйт.

Баарлашуунун кырдаалдары менен темаларынын эң жакынкы биринчи алкагы сүйлөп жаткан адам үчүн актуалдуу алкак. Алар:

- «Адам жана анын жеке жашоосу"
- «Үй-бүлө"
- «Иш"
- «Эс алуу"
- «Аял жана эркек"
- «Ата-энелер жана балдар"
- «Саякаттоо"
- «Бош убакыт"
- «Кызыгуулар"

Темалардын экинчи алкагы социалдык-маданий мүнөзгө ээ:

- «Адам жана коом»
- «Адам жана саясат»
- "Адам жана экономика"
- "Адам жана илим"
- "Адам жана искусство"

Темалардын үчүнчү алкагы жалпы гуманисттик проблематика менен байланышкан:

- «Адам жана жаратылыш»

- «Жер – жалпыбыздын үйүбүз"
- «Адам баласынын руханий өнүгүүсү"
- «Адам жана космостук мейкиндикти өздөштүрүү".

Көрсөтүлгөн тематикага ылайык окуучулар үчүн табигый кырдаалдарга жакын кырдаалдарды жаратуу керек, баарлашуунун шарттарына жараша кеп өстүрүү керек.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлүүчү мектептердин кыргыз тили боюнча предметтик стандарт 2023-ж
2. Оморова А.А., Булатова В.А., Ибраимова Р.Ү. Кыргыз тили: Практикалык курс. Мугалимдер үчүн колдонмо. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин жогорку класстарынын мугалимдери үчүн – Бишкек: “Аркус”, 2019.
3. Асмолов А. Г. Как проектировать универсальные учебные действия: от действия к мысли / Под ред. Зимняя И. А. Развитие речи как формирование умения решать коммуникативные речевые задачи / И. А. Зимняя, Т. С. Путиловская. — М., 1998.
4. Китайгородская Г.А. Интенсивное обучение иностранным языкам: теория и практика. – М.: Русский язык, 1992.
5. Коряковцева Н.Ф. Теория обучения иностранным языкам: продуктивные образовательные технологии / Н.Ф. Коряковцева. – М.: Академия, 2010.
6. Леонтьев А.А. Язык, речь, речевая деятельность. М., «Просвещение», 1969.
7. Пассов Е.И. Коммуникативный метод обучения иноязычному говорению.- 2-е изд.- М.: Просвещение,91.
8. Соловова Е.Методика обучения иностранным языкам: Продвинутый курс лекций / Е.Н. Соловова.М.: АСТ, 2010.
9. Эсеналиева К.Э. «Кыргыз тилин окуп-үйрөнүүдө деңгээлдер боюнча компетенттүүлүктөрдү баалоо» КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын конкурсунан тандалган. Бишкек 2014.
10. Эсеналиева К.Э. Стандарттардагы компетенттүүлүктөрдүн негизинде сабакты пландоонун теориясы, практикасы (методикалык колдонмо). Бишкек -2019. «Maxprint»20 бет 2,5 б.т.
11. Эсеналиева К.Э. …авторлош. «Формативдик баалоо жана инсанга багытталган окутуунун, таанып билүүнүн усулдары» -мугалимдер үчүн усулдук колдонмо 2007. - «Айылдык билим берүү» проектиси. 166 б.
12. Эсеналиева К.Э. Заманбап сабакты жаңы стандарттардагы компетенттүүлүктөргө негиздеп пландоонун технологиялары. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо 2022-ж. 2.515 б.т. «Maxprint» басмасы
13. Щукин А.Н. Современные интенсивные методы и технологии обучения иностранным языкам: учебное пособие